

Скырг
Т 51

АРЗЫБЕК ТОКОЕВ

# ЖАШООМДУН ЖАРЫМ КЫЛЫМЫ





Жашоонун жакшы күнүн жазып алып,
Жан дүйнөм ар бирине көңүл салып.
Келе жатам тайгак жолдо мүдүрүлбөй,
Турмуштун ысык-суугун артып алып.

КР

Арзибек Токоев

# Жашоомдун жарым кылымы

Токтогул Сатылганов атындагы Ош облустук китепкана
МЕКЕН ТААНУУ БОРБОРУ

Токтогул Сатылганов атындагы Ош облустук китепкана
ИНВ № 482718

Бишкек-2021

УДК 821.51
ББК 84 ки 7-5

Т 51

Токоев А.

Т 51 **Жашоомдун жарым кылымы**

*Ыр жыйнак* Б.:2021 - 174 б.

ISBN 978-9967-480-54-4

Кереметтүү поэзия дүйнөсүнө 1989-жылдан бери аралашып, чыгармачылыктын чыйыр жолунда эмгектенип келе жаткан элеттик акын Арзибек Токоевдин "Жашоомдун жарым кылымы" аталышындагы алгачкы ыр жыйнагына ар кыл жанрда жазылган ырлар киргизилди.

Урматтуу окурман, бул китептеги жан дүйнөдөн жаңырык салып, чын дилден электен өтүп чыккан ыр саптары окуган адамга руханий гүлазык тартуулайт деген терең ишеничтебиз!

ISBN 978-9967-480-54-4

УДК 821.51
ББК 84 ки 7-5
Арзибек Токоев, 2021.

## БАШ СӨЗ

Жараткан биздин кыргыз элибизге бейиштин төрүндөй болгон жерди ыйгарып койгонуна миң мертебе шүгүр деп ыраазы болуп жашап келебиз.
Мына ушул керемет жерибиздин таза абасынан дем алып, мөлтүр булагынан суу ичип, таман акы, маңдай терин чачып элине кызмат кылып, ички жан дүйнөсүн ыр дүйнөгө толтуруп келе жаткан калемгер Токоев Арзибек Нуруевич 1969-жылы 22-декабрда Ош облусунун Өзгөн районунун Жалпак-Таш айыл өкмөтүнүн Арал айылында жарык дүйнөгө келген.

Орто мектепти аяктагандан кийин Советтик Армиянын кызматын Тюмень облусунун Надым шаарында өтөгөн. Учурда өзү туулуп өскөн айылындагы "Мрамор Таш" карьеринде барофщик болуп эмгектенип келе жатат. Үй-бүлөлүү, эки уул, төрт кыздын ардактуу атасы. Үч неберенин сүйүктүү, камкор чоң ата, таятасы.

Көптөгөн жылдардан бери ыр жазуу менен алектенип келет. Жазган чыгармалары гезит-журналдарга жана алманах жыйнак китептерине жарык көргөн.

Элибиздин патриот калемгер жигити чыгарган ырлар окурмандардын купулуна толуп келет.

*Жалпак-Таштын кудай берген жеринде,*
*Кадырлуу калк, таздар аттуу элинде.*
*Жакшылыктын жашап күнүн мен көрүп,*
*Эмгектенем "Мрамор Таш" кенинде,* - деп жазган ырындай, кадырлуу калкында эли үчүн кызмат кылып, ошону менен бирге талыкпастан поэзия дүйнөсүнө кирип жакшы чыгармаларды жараткан.

Мына ушундай эмгектери бааланып көптөгөн Ардак грамоталарга жана "Ыйык Тил", "Сөз чебери" төш белгилерине ээ болгон. Азыркы учурда ,"Актал" адабий чыгармачылык бирикмесинин жана Орто Азиядагы "Яңги Овоз" жазуучулар жана тарыхчылар Союзунун мүчөсү.

Эр ортону элүү жаш курагында "Жашоомдун жарым кылымы"- аттуу китебин чыгарып окурмандарга тартуу кылмакчы. Арзибекке чыгармачылык ийгилик каалап, кыргыз адабиятына дагы да болсо өзүнүн үлүшүн кошуп, эл сүйүп окуган чыгармаларды жаратышына тилектешмин.

*Кыргыз Республикасынын маданиятынын мыкты кызматкери, Нарын облусунун ардактуу айымы, "Ыйык тил", "Даткайым", "Ж Шералиев" атындагы фонддун төш белгилеринин ээси, "Мыкты жетекчи" алтын төш белгисинин ээси, ,,АКТАЛ" адабий чыгармачылык бирикмесинин жетекчисинин орун басары, Орто Азиядагы ,"Яңги Овоз" жазуучулар жана тарыхчылар Союзунун мүчөсү*

***Жусубакунова Бүбүажар Өскөналиевна.***



## ЖАЛПАК-ТАШЫМ

*(Жалпак-Таш айылына арналган гимн)*

Жалпак-Ташым, атың затка жарашып,
Кен таштарың бүт Азия талашып.
Алдиерде көмүр кени ачылса,
Нефти кенин изилдөөдө карашып.

***Кайырма:***
*Өзгөнүмдөн Ош сонун,*
*Жалпак-Ташым өнүп-өс.*
*Малды багып, дан эккен.*
*Ар кыл улут өрүлөш.*

Султан Супа, Дарбаза бел, Кароолу,
Жайлоолоруң таза абалуу келишкен.
Кооздугуна көз жетпеген Ийри суу,
Мал киндиктүү кем калбаган бейиштен.

Өрүк, алма бышып турган шагынан,
Мөмө-жемиш бакча, эгин баарынан.
Мээнеттенген эл эмгегин жер жебейт,
Үзүр көрөт багбан элим багынан.

Чабандестер профессор кандидат,
Элет эли чыгаандарды жаратат.
Бейпилдикте эмгектенип элдерим,
Жакшы жашоо алга өсүп баратат.

## АЖАЛ УЛУК

Кайгыңды ар бир жанга айта албай,
Тагдырың жан дүйнөңө батыра албай,
Жаралып бул дүйнөгө келген болсоң,
Бар өмүрдө кезигет түркүн жагдай.

Жакшылык өзү сени издеп келбес,
Табуу кыйын оюң жетсе, колуң жетпес.
Жамандык бөгөп турат жолду дайым,
Бул экөө ымалашып түбү тектеш.

Жашоонун оңун-солун биле албасаң,
Инсандын жакшы жагын сүйө албасаң.
Кайда баркы өмүрдүн жашап өткөн,
Бир күн инсан, адамча жүрө албасаң.

Жалган дүйнөң кетерин унутпасаң,
Жаның үрөп жашоону курутпасаң.
Кудайдын берген жашын жакшы жашап,
Текке кетет өмүрүң баалабасаң.

Өмүрдү тагдырыңа байлап бербейт,
Өткөндөр мезгил менен кайтып келбейт.
Жаралдың кетериң чын алгын эске,
Ал чындык... ажал улук, айтып келбейт.





## МЕН КИММИН?

Мен киммин? Суроо бердим өзүмө,
Жол улаган тайгак ашуу, кечүүдө.
Жооп беремин кылганыма жашоомдо,
Оздон чыккан ар бир айткан сөзүмө.

Алыс болсом жакындабай жалаага,
Турмушумдун татып даамын балынан,
Жакшылыгын тартуу кылган мага да,
Жаратканга жан дүйнөмөн жалынам.

Жашоо жолум оңу-солу катарлаш,
Чыйыры жок узак жеткис сапарлаш.
Күндөр өтүп жол арытып баратам,
Бир бололу, бар бололу замандаш.

## ЖАЗГЫМ КЕЛЕТ

Жаш курагым калгычакты түгөнүп,
Чындык менен жашоо улап сүрөлүк.
Келдиң, кеттиң турмуш жолуң араба,
Түркүк эмес өмүр өзү түбөлүк.

Калат билем жазган ырлар сакталып,
Баркы бийик эргүү, талант жазмалык.
Саптарымда мезгил, күндөр сакталса,
Күзүм кышка, жайга өткөрөт жаз барып.

Жазгым келет аска-тоолор белесин,
Жашоо-турмуш адам тагдыр кемесин.
Жашоо үчүн мезгил менен күрөшкөн,
Жазгым келет адамзаттын элесин.

## ШҮГҮР КЫЛАМ

Шүгүр кылам жашоо өмүр барына,
Жакшы-жаман бүт аралаш жагына.
Жаралганмын бул дүйнөгө бир келдим,
Жашап жатам насип туздун даамына.

Канчалаган жакшы күндү жашасам,
Сансыз күндөр артта калды санасам.
Өмүр сурап тилек кылып көп күнгө,
Өмүр жолун улап жашап баратам.

Уул-кыздын ата-энеси болуппуз,
Элүү жаштын кыр сабына конуппуз.
Неберелер чоң аталап жүгүрөт,
Нечен жылды биз карытып коюппуз.

Жакшы күндөр жан дүйнөмө уланат,
Жакшы тилек, аруу сезим куралат.
Оюм менен мен ааламды аңтарып,
Өмүр жолу кербендердей уланат.





## ТАГДЫР ЖЕЛЕСИ

Жашоо-турмуш, кайгы-муңду, ызаны,
Жазып салдым көөдөндөгү кусаны.
Ак барактын актай жери калбады,
Ырларымдын кең ааламдай узагы.

Кеткен күндүн кайтарымы жок беле,
Ачуу чындык куйкалаган чок беле.
Тагдыр берген сабактары өмүргө,
Кайкып учуп кармалбаган ок беле.

Жакшы-жаман эгиздердей немесиң,
Ээрчишип эриш-аркак келесиң.
Тарткан өңдүү менин өмүр жолума,
Бул турмуштун жашоо тагдыр желесин.

## КААДА-САЛТ

Кыргыз калкым каада-салтты сактаган,
Башка улуттун ээрчип изин баспаган.
Тээ илгертен жашап жакшы нук менен,
Жашоо жолун өз нугунда барктаган.

Жакшы күндө жашап дайым келишет,
Уул-кызга өнөр-салтын беришет.
Көөнөрбөс ата-баба мурасын,
Урпактарга үрөөн кылып себишет.

Өрнөк туткан өнөр элде толтура,
Өргө алпарчу бабам салган жол тура.
Мурас кылып кылымдарды карыткан,
Кыргызымдын каада салты мол тура.

## КЫРГЫЗЫМДЫН ТООЛОРУ

Кыргыз жерим кең тоолордун мекени,
Тоо башы кар, арча-кайың этеги.
Мөңгү баскан көк тиреген зоолору,
Көз артышып кызыгышат нечени.

Аскалары көк асманды тиреген,
Чокулары ак булутту жиреген.
Тоо башынан нурун чачып чыккан күн,
Тоо артына барып анан түнөгөн.

Көз уялткан көркөмү кооз жайыгың,
Тоо койнунда орун алган айылым.
Ала-Тоолор ак калпакка окшогон,
Кыргыз жерим, сенсиң менин байлыгым.

## ОКУЙ БЕРДИМ

Окуй бердим... окуй бердим,
Окугандан карек талып катканча.
Окуу кызык саптарында дабаа бар,
Мээ эс алат, илим алып баш канча.

Мен билбепмин көз илинип кеткенин,
Уйку тооруп эң чегине жеткенин.
Жазып жаттым ар нерсени чиймелеп.
Кайдан билдим куш уйкуга кеткеним.

Саптар турду ой башымда кыналып,
Жарылчудай жазчу сөздөр чыңалып.
Ажырабайт өңүм-түшүм белгисиз,
Жазган ырга жан дүйнөмдү сугарып.





## КЕНЖЕ КЫЗЫМА

Татынакай кенже кызым Гүлзада,
Жаз айындай жарык сенин маанайың.
Ата-энеңди турган күндө кубантып,
Көкүрөгүм менин бакыт-таалайым.

Чың ден соолук, узун өмүр каалаймын,
Жүрөгүмдөн жакшы сөздөр арнаймын.
Эл кызы деп барктуу болуп чоңойсоң,
Күндөй жаркып, шоола чачкан айдаймын.

Кыргызымдын чыгарарсың атагын,
Ой-мүдөөсүн сен аткарып атаңдын.
Элиң үчүн кызмат кылгын талыкпай,
Кабыл болсун ак тилеги батамдын.

## БАЛА ЭЛЕМ

Төрт-беш жашар мен бала элем ойногон,
Тил албаган, кой дегенге болбогон.
Апам байкуш тыя берип чарчачу,
Тентек элем шоктугумду койбогон.

Эң кенжеси экем өскөн эркетай,
Жаным тынып жарым саат тынч олтурбай.
Көчө таптап чымчыктардай чурулдап,
Тең курактуу топ балдарга кошулмай.

Топуракка баштан ылдый чыланып,
Боз ала чаң киши көргүс ырайым.
Ошол жылда калган экен баамдасам,
Менин балдай алтын бала курагым.

Ага-эжемдер эркелетип көтөргөн,
Жаштык чагым жалаң күлкү төшөлгөн.
Издеп коём калсам дагы улгайып,
Балалыкты мен жүгүргөн көчөдөн.

## АЖАЛ

Ажал жандын өмүрүнө тузактыр,
Өмүр кыска, а мезгилдер узактыр.
Азбы-көппү жакшы күнгө өмүр сүр,
Жан жашооңду сен өзүңө ызат кыл.

Кабар берип ажал сага келбестир,
Кагып эшик чакыруусун бербестир.
Билип туруп миң аракет кылса да,
Шум ажалды өлчү жандар жеңбестир.

Жашоо керек, кылыш керек аракет,
Жан кейитпей жакшы өмүр сүргөнгө.
Келдиң-кеттиң турмуш жолуң беш күндүк,
Үйрөнө бил тирүүлүктү сүйгөнгө.

## АКЫНДАР

Улуу-кичүү калемдештер, акындар,
Жан дүйнөсү бири-бирине жакындар.
Таамай сөзү такшалттырган адамды,
Калемиңер талыбасын асылдар.

Сүйүү жолун ыр аркылуу таткан бар,
Баскан жолун дастан кылып жазган бар.
Чагылдырган ар адамдын тагдырын,
Ыр дүйнөгө жаны менен баткан бар.





Аалам сырын төрт сабында ачкан бар,
Калем менен сөздүн кенин тапкан бар.
Бакыт менен таалай нурун ырында,
Баардыгына тегиз бирдей чачкан бар.

Сый-урматтуу сыпаа мүнөз акындар,
Мен силерге таазим кылчу акым бар.
Биз баардыгын өткөрөбүз жүрөктөн,
Эх асылдар, күлк мүнөздүү жакындар.

## АРТЫП АЛЫП

Баратам турмуш изин жолго салып,
Кайгы-муңум көөдөн эзет ойго салып.
Ыр жазам эл-журтума жүрөгүмдөн,
Ак баракта калемим жорго салып.

Мөлтүр булак тоо суусу шылдыраган,
Кокту менен өзөнгө жылжып анан.
Табият да тартуулайт кереметин,
Көркөмүңө көз артып турдум анан.

Коздугуңа Ата-Журт балкып алып,
Кыял менен кыдырам калкып алып.
Кызматымды өтөйүн туулган жерим,
Бабалардан насаат сөз артып алып.

## АЯЛЗАТ

Жакшы сөздү жамгырдай төккөн аял,
Жакшы сөзгө ачылган көктөм аял.
Мөмө берчү дарактай тамыр жайган,
Жакшы сөзгө гүл ачып өскөн аял.

Нурун чачып күн болуп тийген аял,
Караңгыда чырактай күйгөн аял.
Бийик коюп үй-бүлө даражасын,
Ак өргөсүн урматтап сүйгөн аял.

Чыркыраган чындыкты туйган аял,
Дарыядай ташкындап куйган аял.
Бийиктикке умтулуп бүлө үчүн,
Пайдубалын бекемдеп курган аял.

## ЫР ЖАЗАЛЫ

Ыр жазалы ак жаан болуп дыбырап,
Токтобогон учкан куштай зымырап.
Өтүп барат жакшы күндөр билинбей,
Балалыктын үнү алыста угулат.

Ырлар аксын тоо суусунун шарындай,
Буркан-шаркан Ак-Буурадай, Нарындай.
Мөмөлөрү батпай төгүп чачылсын,
Багбанчынын мол түшүмдүү багындай.

Кел жазалы ырдын мөлтүр булагын,
Мен токтосом кайрып сапты улагын.
Алтын менен аруу тилек жазылып,
Бекемдегин асыл сөздүн курамын.





Ысык аптап... жайдын күнү саратан,
Жан дүйнөнүн жакшы ырын жаратам.
Чыгаан акын Байдылданын ырындай,
Поэзияда кадам шилтеп баратам.

Калем сабым өткүр болсо кылычтай,
Төрт сап менен талкаланат таш дагы.
Баары батат ай-күн, кылым, дооруңда,
Аска-зоолор, көк мелжиген асманың.

## БҮЛҮК САЛБАЙМ

Өзүмдү мен жашоодон алдап күндө,
Уктай албай таң атырдым өткөн түндө.
Айтып өтсөм өмүрүмдүн таржымалын,
Жакшылап ук, жан жашоомо такыр күлбө.

Ой-санаамдан кетпеген жалгыз мүрзө,
Азаптын баш отуна салды түндө.
Өмүрүңө керектир жакшы сапат,
Айлангым жок күйүп болгон жансыз күлгө.

Жан адамдын өмүрү кыска дешет,
Өлүм чындык, бардыгы нуска дешет.
Адам деген эч качан жашка тойбойт,
Жок дегенде токсонго чыксак дешет.

Кыйып өмүр жашоого күйүт салбайм,
Тасма эмес тагдырым түрүп салбайм.
Мен да пенде жаралган силерге окшош,
Турмушуна бирөөнүн бүлүк салбайм.

## ТАБЫЛГЫС ӨМҮР

Койгон максат аткарылып ишке ашып,
Жакшылыкты кудай бизге буйрусун.
Алыс болсун апаат баскан кара түн,
Амандыкта өмүр сүрсүн кыргызым.

Тилек кылып тирүүлүктө жашайлы,
Өмүр өтсө кайра артка кайрылбайт,
Жакшы күндөр ырыскысын тартуулап,
Бакыт конгон баалуу, нарктуу сан жылды айт.

Жаралган соң жакшы өмүр сүрөлү,
Эл ичинде эсен-аман жүрөлү.
Ар бир атуул мекеним деп жашасын,
Кыргызым деп согуп турсун жүрөгү.

## ӨТКӨН ЖАШ

Балалык кез чырпыктай кезимдеги,
Тамчы суудай таптаза сезимдери.
Арам ой жок мага окшош өспүрүмдөр,
Жүрөктөрдүн жуурулушуп эзилгени.

Окуучулук күндөр өттү зымырап,
Мезгил деген күлүк атын камчылап.
Беттер бырыш, кара чачты ак басып,
Ээлик кылат дене бойго калтырак.

Өмүр шашып азоо аттай алкынат,
Байге үчүн аламанга түшкөндөй.
Баскан изим бала курак жаштыгым,
Калды эсимде унутулгус түштөрдөй.





## МЕРЕЗДИК

Эмнегедир мен жашоодон коркомун,
Мерездиктин туйдуң бекен толгонун.
Сезилбестен жан дүйнөндө болсо да,
Жакшы болор эске түйүп койгонуң.

Мерездикти жогото албай кыйладан,
Жаман адат жан дүйнөмө сыйбаган.
Жашап барам алпурушуп ал менен,
Кетире албай ал мүнөздү кыйнаган.

Умтуламын жылып алга күн санап,
Жашоом жакшы болсо мага миң сабак.
Капканынан мерездиктин чыккын деп,
Ички туюм капалуудай үн салат.

## ДАРЫЯ

Дарыянын куйган суусу чайпалып,
Бирде албуут, бирде агат жайкалып.
Ташка урунуп кирген кезде күрүлдөйт,
Көргөн адам айбатынан жалтанып.

Сүрүп баарын таш-кумдарды агызган,
Сен дарыя, күчтүүсүң да балбансың.
Жарып өтүп аска-тоонун ортосун,
Өз жолуңду колу-бутсуз салгансың.

Тоо суусунан уч-аягың уланып,
Алга жылып көлөмүңдө куралып.
Өзөн ылдый кадамыңды саласың,
Күрүлдөгөн үнүңдү катуу чыгарып.

Токтогул Сатылганов атындагы Ош облустук китепкана
ИНВ № 482718

## АЙЫЛЫМ

Ак жаан төгүп басылбай айылымда,
Суу шаркырап үн салат өзөн-сайда.
Көк асманды каpарган булут чалып,
Төгөт жамгыр майдалап кайра-кайра.

Таң эртеден уй сааган айылдагы,
Ишине тың эмгекчил айымдары.
Дасторконун жайнатып жайып коёт,
Буркуратып самоорго чайын дагы.

Адамдары айлымдын ак ниеттүү,
Берешен эл жан дүйнөсү, колу ачык.
Иш баштаса кошуна ашар кылып,
Ылдам эле бүтүрөт жардамдашып.

Кереметтүү айылым Жалпак-Ташым,
Таазим кылам ар убак ийип башым.

## ЖАШАЙМЫН

Жашаймын ак эмгектен үзүр көрүп,
Жашаймын адал ишке мээнет төгүп.
Жашаймын уул-кызга насаат айтып,
Жаш өтсө үй-бүлөгө өрнөк болуп.

Жашаймын жакшы күндү көрүш үчүн,
Небереге мээримимди төгүш үчүн.
Эркелетип жытынан искеп-искеп,
Үлбүрөгөн жүзүнөн өбүш үчүн.





## КҮНДӨР КАЛАР ЧИЙИЛИП

Төрт сап ырым ак баракка жазылган,
Түйшүк тарткан түмөн ойду батыргам.
Жүрөгүмдүн элеп-желеп сокконун,
Ырларымдын бир сабына жашыргам.

Калар күндөр ак бaрактай чийилип,
Тагдыр жолу тал чыбыктай ийилип.
Жазган ырым турса күндө жаңырып,
Кубанычтан жан дүйнөм да сүйүнүп.

Биз жаралдык ажал келсе кетебиз,
Көр турмушка көкүрөктү эзебиз.
Аз өмүрдү жакшы күндө жашайлы,
Мына ошондо ийгиликке жетебиз.

## БИЛЕ ЖҮР

Жан кадырын тирүү кезде биле жүр,
Жаман жагын жүрөгүңө түйө жүр.
Тирүүлүккө шүгүрчүлүк кылалы,
Бал өмүрдүн баркын дагы сүйө бил.

Өмүр өчсө мактагандан не пайда,
Жакшы жагын көзү барда айтпаган.
Ооз толтуруп турган менен кеп кылып,
Адам кетти түбөлүккө кайтпаган.

Өлбөс жандай далай күндү өткөрдүк,
Мансап күтсөң ажал улук биле жүр.
Акыр түбү барар жериң акырет,
Оо адамзат, чындык өлүм биле жүр.

## КЫЛЫМ

Өткөндөргө мен кылчайып карасам,
Жаңы кылым жолун басып баратам.
Ар бир жанга тартуу кылып ырыскы,
Берген экен ичер суусун Жараткан.

Жашоо кызык бирде өйдө, бирде ылдый,
Теңдеп турган таразанын ташындай.
Бирде өмүр ызгаардуу кыш өңдөнсө,
Бирде ысык көркөмдөлгөн жашыл жай.

Бул турмушта көтөрөбүз сыныңды,
Талдап келем мен өткөргөн жылымды.
Жакшы күндөр келе берсин агылып,
Тосуп алдым тарых сунган кылымды.

## АДАМДАРБЫЗ

Калем сапты колума кармап алып,
Ыр жаратам эргүүлөрдү айдап алып.
Көр турмуштун азабы артып барат,
Тагдырыңды жиби жок байлап алып.

Жашообуздун жыргалын тата билсек,
Жан дүйнөнүн эшигин ача билсек.
Жамандыктан алыстап жакындабай,
Жан дос болбой жаа бою кача билсек.

Топурактан дүйнөгө жаралганбыз,
Жашоо улап ааламга таралганбыз.
Чын дүйнөгө кетерди унутпасак,
Өмүрү кыска бир келген адамдарбыз.





## МЕН КЫРГЫЗМЫН

Мен кыргызмын кан Манастан тараган,
Ата-бабам кылымдарды карыткан.
Улуу Алтайдан сөз уңгусу башталат,
Өчүрө албайт аны эчким тарыхтан.

Намыстуулук кармап келет элимди,
Душмандарга тебелетпей жеримди.
Бакай, Кошой мурас кылган Ала-Тоом,
Жулдурбайбыз жер алдында кениңди.

Кыргыз болуп жаралганга сүйүнөм,
Мен анткени урпагымын Манастын.
Кыргыз жери бейиш төрү кыргыздын,
Башка элдер суктанышсын, карашсын.

## ТУУЛГАН АЙЫЛЫМ

Ажайып айылымдын көркөмдүгү,
Түркүн түс, түркүн гүлдөр бакчадагы.
Керемет бир сыры бар чечилбеген,
Гүл чыгат жыпар чачып ташка дагы.

Суктантып көк тиреген аскалары,
Жайы ээрибей жата берет ак муздары.
Күмүштөй күн нуруна чагылышып,
Күзгүдөй көз уялтат ар бир жагы.

Айылым киндик каным тамган жерим,
Опол тоом, таянычым өзүң менин.
Ар дайым амандыкта көрүшөлү,
Бир тууган, бир киндиктеш асыл элим.

## АМАНАТ

Көптөн бери кабар алып жаза албай.
Жакшы сөздүн сыр түйүнүн ача албай.
Күндөр өтүп мен картайып баратам,
Мурункудай шайдоот-шайыр басалбай.

Бубактанып кара чачым ак болуп,
Бырыш баскан карап коём жүздөрдү.
Жазым болсо жалындаган жаштыгым,
Агарып чач аппак карлуу кыш келди.

Караңгы түн өтсө убакыт таң атат,
Жаш курагым жылып алга баратат.
Мезгил болсо минген атын камчылап,
Алтымыштын аламанын талашат.

Заман-турмуш өз нугунда баратат,
Тагдыр сунган жакшы күнгө кан агат.
Түгөнбөсө жашоодогу ичер суун,
Өмүр анда Кудай берген аманат.

## АК КАЛПАК

Байыртадан бабалар,
Барктап келген ак калпак.
Кыргыз элим туу туткан,
Сактап кийген ак калпак.

Эр жигитке жарашкан,
Кыйууланган ак калпак.
Башка улуттар кызыккан,
Кыргыз кийген ак калпак.





Жайдын күнү ысыкта,
Мелүүн болгон ак калпак.
Күздүн күнү үшүтпөй,
Серүүн жүргөн ак калпак.

Жаш-карыга ылайык,
Куп жарашкан ак калпак.
Тойлорго кий, үйдө кий,
Түшпөй баштан ак калпак.

Урмат кылып өз элин,
Кийсин жаштар ак калпак.
Уңгусу ал улуттун,
Билсин баары ак калпак.

Түптөлүп келген улутпуз,
Түбөлүк аны сактайлы,
Ала-Тоодой көрүнгөн,
Ак калпакты барктайлы.

## САРМЕРДЕН

Эки тарап жарышып айтыш курган Сармерден,
Элдин баарын өзүнө тартып турган Сармерден.
Мырзалары бир тарап топ бөлүнгөн Сармерден,
Айымдары жооп кылса шаң төгүлгөн Сармерден.

Каада-салтты көрсөтө кептен салган Сармерден,
Алты бакан селкинчек селки тепкен Сармерден.
Акыйнек ыр жаңырып, жаңылмачтар айтылган,
Жаңылганы утулуп, жүзүн өпкөн Сармерден.

Түрдүү түмөн оюн-зоок түрлөнтүшкөн Сармерден,
Канча кылым жоготпой улап келген Сармерден.
Шайыр мырза, шайыр кыз баштап келген Сармерден,
Илгертеден мурасын сактап келген Сармерден.

## ШҮГҮР ДЕГИН

Шүгүр дегин жашап жүргөн күнүңө,
Өмүр өксүк өтө берет күнүгө.
Соодагер да, падыша да, жөн адам,
Жеткен эмес байлык, бийлик түбүнө.

Убактылуу бул өмүрдө коноксуң,
Өткөн күндү издесең да таппайсың.
Токтоп турбайт бир орунга кармалып,
Мезгил өзү ооздукталбас аттайсың.





## ЖАН ДҮЙНӨ ЖАҢЫРЫГЫ

Эртең менен жакшы саптар жаралып,
Жүрөгүңдөн чыксынчы ак тилектер.
Көөдөн жылып, жүрөк дагы жеңилдеп,
Ошол мезгил эң бактылуу мүнөттөр.

Жазган ырың кубат алса нурунан,
Чыккан күндүн шооласынан таңдагы.
Ооба, ырым силер үчүн жазылган,
Ыр дүйнөмдүн, жаңырыгы, жарнагы.

Башта балээ, жаманчылык болбосун,
Жакшылыкта Алла Таала колдосун.
Көрө албасты биле албайсың аттиң күн,
Көңүл бурба ыйман болсун жолдошуң.

## ӨМҮР ӨКСҮК

Эх тууганым, инсан улук элденсиң,
Жашоо үчүн бул өмүргө келгенсиң.
Эртели кеч эмгектенип тынбастан,
Жан дүйнөңдү жаның үчүн бергенсиң.

Байлык үчүн азгырылып күнүгө,
Аалам кезип чарк айландык жүгүрө.
Билип-билбей ойлонбостон бой таштап,
Кандай пенде болдук экен бул күндө.

Оңду-солду ажыратпай жашоодо,
Кайрат кетип мизи өмүрдүн мокоодо.
Кайда барат күнүмдүк күн күндөрүң,
Кайгы тартам жүрөк ооруп ошого.

Жакшы сөздү кулак сырттан кетирдик,
Жооп кайтарып сөз сүйлөдүк кесирлик.
Акылсынып бүт баарысын билгенсип,
Эс-акылды жыйнап албай эсирдик.

## БИЗ КАЯККА БАРАТАБЫЗ?

Азгырылып жан дүйнөбүз тарып калдык,
Жалган сүйлөп а чындыктан качып калдык.
Жашоонун жакшы жагын артка таштап,
Бийик сүйлөп жан тоготпой басып калдык.

Кесирленип тамак түрүн тандап калдык,
Үйдөн жебей башка жактан аңдап калдык.
Тапкан тыйын ашык болуп үйгө батпай,
Киши жумшап керсейип жалдап калдык.

Айран-сүттү базарга сатып калдык,
Ата-баба салтынан качып калдык.
Айта берсе толтура толгон токой,
Сормо сазга белчеден батып калдык.

Нанды үйдө тандырга жаппай калдык,
Сатып жеп дүкөндөргө каттап калдык.
Ар кыл тамак буйрук менен айтып күндө,
Ашканадан ар күнү ташып калдык.

Телефонду тынбастан басып калдык,
Жакшы жолдон билип туруп качып калдык.
Үрп-адатты артка таштап ойлонбостон,
Чай ордуна ачуу шарап татып калдык.





Арам акча табууну самап калдык,
Эстебедик багууну адал жандык.
Пешене тер унуткарып эмгек күнүн,
Оңой оокат тапканды самап калдык.

Жөө жүргөндөн намыстанып баспай калдык,
Бата берчү аксакал таппай калдык.
Ызат кылган жашообуз артта калып,
Ыйман жолун жекирип баспай калдык.

Ырыскыны чет жакадан издеп калдык,
Аалам кезип элден кача безип калдык.
Керек болсо ата-эненин сөзүн укпай,
Түн жамынып уурудай басып калдык.

## АТ ҮСТҮНДӨ ЭР ЖИГИТ

Кыргыз калкы ат барктаган эл болот,
Ар намыстуу ат жалында шер болот.
Каада-салтын кармап билип кадырлап,
Жигиттери жаштайынан эр болот.

Ат сыйлаган эзелтеден жөө калбайт,
Нарктуу сөз бар ат адамдын канаты.
Атка жеңил анан калса тайга чак,
Чабандестей ар бир кыргыз баласы.

Капчыгай тоо, белестерди ашышкан,
Ат үстүндө шамал менен жарышкан.
Өжөр, көкжал, эр азамат уулдары,
Бийик койбойт башка нерсе намыстан.

## ОЙ-МАКСАТ

Максат кылдың алга карай жылышка,
Жашоо таттуу ак эмгегиң жарашса.
Мээнетиңден сый-урматка бөлөнүп,
Акыл калчап ак жолуңдан адашпа.

Эмгек кылсаң айга-күнгө жеткирет,
Акыбети кайтты, жукту деп билет.
Ой-максаттын аткарылса мүдөөсү,
Турмушуңдун ырыс-кутун сездирет.

Жаман-жакшы болот экен турмушта,
Бирде колуң жетип бийик жылдызга.
Бирде сыноо жан дүйнөңдү өйүтүп,
Ар кыл кылып жазган тура жазмышка.
Аруу-тилек, максат коюп жашагын,
Бир күн кыял билгин ишке ашарын.
Эл менен жүр, сен адамсың эл менен,
Кабыл болот ак тилеги батанын.

## ӨМҮР КЕМЕСИ

Чиркин жашоо көз жетпеген кең аалам,
Кучак керип көл мелтиреп жаткандай.
Мезгил учуп канаттуудай зымырап,
Таң агарып кайра күнүң баткандай.

Күткөн күндөр тирүүлүккө гүлазык,
Жашоо жолу бал өмүрдү кынатып.
Күн нуруна кулпургандай бакча ичи,
Жыпар жыттуу түркүн түстүү гүл ачып.





Жакшы-жаман бири бирине ээрчишип,
Адам билбейт кайсынысы келерин.
Жан дүйнөмдү үмүттөргө чөмүлтүп,
Дуба тилейм жакшы күндүн берерин.

## КЕЧИРИМДҮҮ БОЛО АЛБАЙ

Ар бир жанга кечиримдүү бололу,
Жашоо күнүң кайтарылып берилбейт.
Ар пенденин көңүлүнө тололу,
Өмүр жашооң эгин сымал эгилбейт.

Узак жашап кечиримдүү болгонуң,
Өзүң үчүн кадырыңа керектир.
Көңүлүнө жаксаң мүмкүн толгонуң,
Жан өмүрдүн жашоосу деп билип жүр.

Табийгаттын жашоосуна жаралып,
Кечиримдүү күнгө тез көнө албай.
Мезгил өтөр жыл артынан күн батып,
Биз келебиз жашоо жолун биле албай.

Жаман-жакшы күнү келсе айтышып,
Жашоо кызык жаман жагынката албай.
Түштөн кийин кылган ишке өкүнүп,
Күн өткөрүп тынчтык алып жата албай.

## ЖАН ДҮЙНӨМ

Жан дүйнөм жараланып муңга батып,
Баратам күндөн-күнгө болуп жашык.
Күч-кубат, алым кетип, муунум бошоп,
Түмөн ой түйшөлттүргөн көөдөн басып.

Жан дүйнө жаңырыгын ача албадым,
Жарытылуу чоң чыгарма жаза албадым.
Акыйкат, чыркыраган чындык калды,
Ырларымда таамай айтып ача албадым.
Күндөрүм кербен сымал өтүп жатат,
Жан дүйнөм жараланып тартып азап.
Кушка окшоп чыга албаган капастагы,
Эркиндик самап дүйнөм таңшып жатат.

## КЕЛДИ ЖАЗ

Келди көксөп күткөн мезгил жаз айы,
Бак-дарактар бүчүрлөрүн байлаган.
Жаратылыш чечти кыштын ак тонун,
Көркко келип көркөмдөлгөн айланам.

Түркүн куштар үнүн безеп сайраган,
Жер жарылып байчечекей жайнаган.
Бал аарылар гүлгө конуп ызылдап,
Көлмөлөрдө бакалар бар чардаган.

Тилек кылып жазды көпкө күттүк деп,
Элим турат келген жазга кубанып.
Баба дыйкан эмгек менен алышып,
Өмүр барат мезгил менен уланып.





## ЗАМАН ТАЛАБЫ

Кертип-кесип жер байлыгын ташыңды,
Болбос, жетпес аз тыйынга сатылды.
Ырк-ымала, ынтымактын жогунан,
Колуңдагы сен алдырып ашыңды.

Ойлободуң келечегин Кыргыздын,
Келечек муун, урпактарың, уул-кыздын.
Кайда барат? Күтпөгөн күн, замана,
Барат оорлоп, көр тирлигиң, турмушуң.

Эх адамзат, акылыңа келсеңчи,
Нысап кылып, өз напсиңди жеңсеңчи.
Баары калат өтүп кетсең дүйнөдөн,
Жетим-жесир, кембагалга берсеңчи.

Жердин бетин таштандыга жайнаттык,
Жер энени аябадык ыйлаттык.
Жан талашып байлык үчүн кен сатып,
Табиятты талкаладык кыйраттык.

Байлык менен мансабыңды ойлойсуң,
Дүнүйөгө билсең түркүк болбойсуң.
Ажал улук бир күн алып тынганда,
Кантип? Кайдан? Мансабыңды коргойсуң?..

## ЧЕТ ӨЛКӨДӨ

Чет өлкөдө иштейм деп баарын таштап,
Уул-кызыңды күттүрүп салып азап.
Байлык, акча ушунчалык керек беле,
Кайдыгерлик жашоо-турмуш жанга батат.

Жалгызсырап уул-кыздын атасы жок,
Жеме угуп жетимсиреп апасы жок.
Жүргөн жериң чет өлкө, бөтөн элде,
Көр турмушуң болбостур катасы жок.

Ээн-эркин ойноп-күлүп жүрө албасаң,
Моюндан байлаган иттей болуп.
Биздин чоңдор тойбоду, ойлонбоду,
Баарын жутту жук калтырбай киттей болуп.

## ЖАЙ АЙЫ

Жайдын күнү жашыл болуп чар тарап,
Кереметi, кооз көркөмү байкалат.
Дан-эгиндер талааларда баш алып,
Мелүүн соккон желге ыргалып, жайкалат.

Мөмө байлап жер-жемиштин түрлөрү,
Көз тойбогон талаанын кооз гүлдөрү.
Эртели кеч араласаң эс алып,
Тыңшап куштар мукам салган үндөрүн.

Бакча ичин жүргөн кезде аралап,
Ой-кыялдан төрт сап ырым жаралат.
Көк шиберди килем кылып салынып,
Көктө сызам канат байлап сабалап.





## ЭНЕ ТИЛ

Эне тилиң тээ байыркы улуу тил,
Бабалардын мурасы деп сактай бил.
Сансыз кылым сүргөн кыргыз тилинди,
Өркүндөсүн өгөйлөбөй барктай бил.

Кандай уят улут тилин билбеген,
Бакай, Кошой, Эр Манаста сүйлөгөн.
Тил жоголсо жоготобуз улутту,
Кыргыз болбойт өз тилине күйбөгөн.

Башка тилде  сүйлөгөнүң курусун,
Кана айтчы кандай сенин улутуң.
Мен Кыргызмын, бабам болсо Эр Манас,
Тилиң менен, дилиң менен улуусуң.

## БИРИ КЕМ ДҮЙНӨ

Эх адамзат, дүнүйөгө тойбойсуң,
Шүгүр кылып, топук кылып койбойсуң.
Кимден? Кантип? Эмне жулуп алсам деп,
Ач көздөнүп арам жагын ойлойсуң?

Жулдуң-алдың бил бактылуу болбойсуң,
Тагдыр менен тамашалап ойнойсуң.
Акыретте жооп берүүчү сурак бар,
Эх адамзат, аны кандай ойлойсуң.

Үй-бүлөдөн кымбат турган нерсе жок,
Бар байлыгың  уул-кызың, жубайың.
Андан көрө кабыл болсун тилектер,
Ыйман берсин насип кылып кудайым.

## ЖАШОО

Жашоо-арман, жашоо жалган,
Жакшы жагы бар андан.
Кээде бакыт башым сылап эркелетсе,
Кээде кайгы салып турган бар арман.

Он беш күнү караңгы ай,
Он беш күнү жарыктыр.
Мээримдүү ал, боорукер ал Жараткан,
Сен кулусуң эске дайым салып жүр.

Жашоо-арман, жашоо жалган,
Жакшы жагын өзүбүзгө алалы.
Жүрөктөгү ыйман менен,
Бакты-таалай, чоң ырыскы табалы.

## ӨМҮР ЖАШОО

Өмүр өксүк жашоо жолун билбесең,
Аралашып жакшы жолго кирбесең.
Жашап жаткан барксыз болор кадырың,
Жакшы сөздү жан дүйнөңө илбесең.

Калк ичинде баш көтөрүп жүрбөсөң,
Эл ичинде жадырап бир күлбөсөң.
Өмүрүңдүн керектүү түн-күндөрүн,
Жыл өткөзүп жашоо жолун билбесең.

Агын суудай ак жаан болуп дыбырап,
Өмүр өтөт мезгил менен зымырап.
Жашаганың баары текке кетпесин,
Кайрып бербейт, аны убакыт жымырат.





## УБАКЫТ

Жашап жаткан сенин дүйнөң кең дүйнө,
Азап чегип башка балээ тап үйбө.
Бул жашоонун түп тамыры убакыт,
Пайдасыз сөз керек эмес аз сүйлө.

Күндүн кетер же келгенин билбейбиз,
Мыйзамына жашоонун баш ийбейбиз.
Жан ачыса сабырдуулук түгөнүп,
Оозго албас уят сөздү сүйлөйбүз.

Убакыттын кыскалыгын барктайлы,
Адам деген атты бийик сактайлы.
Бекер жатып убакытты кетирбей,
Шүгүр кылып жаратканды мактайлы.

## БАКЫТ ДЕГЕН

Бакыт деген жайнап өскөн гүл экен,
Бакыт деген жашап жаткан күн экен.
Бакыт деген бажырайган башкача,
Көркөмдөлүп көздү алган түр экен.

Бакыт деген учуп жүргөн куш экен,
Бакыт деген ойноп жүргөн бала экен.
Тирүү жанды түйшөлткөнү күнүгө,
Сүйүү сезим ширин болгон бал экен.

Бакыт деген бир тууганың тилеген,
Бакыт деген курбу досуң жиреген.
Насип кылсын ушул күндөр токтобой,
Бакыт деген ачык көңүл жибиген.

Бакыт деген тирүү болсо ата-энең,
Бакыт деген аман болсо кең мекен.
Каалагандай жашайсың да, ырдайсың,
Бакыт деген алтын өмүр сенде экен.

## ЧОҢ БАКЫТ

Туугандарга бир коңгуроо сого албай,
Санаалардан аз убакыт табалбай.
Калдым окшойт жалгыз өскөн дарактай,
Жакындарга учурашып баралбай.

Жашоо жолу болот тура ар кандай,
Башыбызга ар түйшүктү салгандай.
Алып учкан жакшылыктын жышааны,
Тээ балалык күндө калып калгандай.

Күндөр өтүп саналбаган убакыт,
Бир күн келер ал-жай турган сурашып.
Жакшылыктын кемесине түшөбүз,
Чоң бакыттын кучагында сыр ачып.

## ДОСКО

Оорунп бир үйдө калганда досум,
Дартымды сурап келбедиң досум.
Өткөн бир сымал ортодон ыза,
Телефон менен чалбадың досум.

Күкүктөй сайрап турчу элең досум,
Көңүлүң чаппай калдыбы досум.
Алыстап күндө арабыз биздин,
Көңүлүң эмне тандыбы досум.





Өмүргө түркүк болбойбуз досум,
Өчү бар жандай болбойлу досум.
Жалгасын жакшы түгөнбөс күндөр,
Көңүлдү тепсеп койбойлу досум.

Жараткан сени жаша деп досум,
Жок болсо чын дос жакырмын досум.
Саат менен күндүн өткөнүн билбей,
Жашоонун көркү жок сымал досум.

Жарашып күнгө жашайлы досум,
Жакшылык күндү созолу досум.
Жашоонун жакшы сабагын алып,
Жакшылык элге кошолу досум.

Жаралсак жандуу дүйнөгө досум,
Элиң бар жаша, өмүр сүр досум.
Убакыт өтсө, болбосун арман,
Күнүңдү сезгин өмүр гүл досум.

Жаралган мен да адаммын досум,
Жашоодон азап чекким жок досум.
Жашоонун болоор күндөрү алсыз,
Кайрылып кана кечир сен досум.

Өмүрдүн гүлүн билели досум,
Достордун окшош тилеги досум.
Жарыктык дүйнө жашоодо бирге,
Дос бойдон эсен жүрөлү досум.

## ЖАШОО КҮНҮҢ АМАНАТ

Алдыдагы ар бир күнүң аманат,
Көп эңсөөлөр ой күндөрдү саматат.
Жашоо кызык бир өзүнчө керемет,
Жакшы жаман күндөр күнгө жаралат.

Заман жакшы билген жанга аманат,
Көөдөнүңдү кетпесин жан жаралап.
Жакшы күндүн жашоо жолун биле жүр,
Кайтар дүйнө болбос кетсең каралап.

Кызык күндөр өмүр жашооң аманат,
Кыйма-чийме жолдор менен баратат.
Токтотууга чамаң күндө жетишпей,
Күн кечкирип саат жылып таң атат.

Төрт мезгилдин бир мезгили аманат,
Дарак болсоң жалбырагың саргаят.
Кезегинде сен жашооңду билбесең,
Өмүр өтүп бир күн жашың картаят.

## ЖАЗ МАЙРАМЫ

Эне деген аты улук жансыңар,
Түндө жарык чачкан тунук айсыңар.
Мээрим төгүп, жан дүйнөңдү арнаган,
Балага апа, үйдүн куту, жарсыңар.

Куттуу болсун ушул майрам жаздагы,
Бүгүнкү күн сегизинчи мартыңар.
Аалам нуру жүзүңөрдөн тамылжып,
Чыга берсин аялзаты даңкыңар.





Бул өмүрдүн силерсиңер көркөмү,
Төп келишкен аалам менен сулуулук.
Төккөн мээрим жана бакыт-таалай да,
Эч жерде жок эне берген жылуулук. .

Жаз жыттанып гүлдөр ороп жер бетин,
Жазга окшош аялзаттын келбети.
Узак жашап жан дүйнөңөр бай болсун,
Бар болгула адамзаттын бермети.

## ПЕНДЕБИЗ

Аял-эркек бир бирине жуп болуп,
Асманда эмес, жылдызда эмес жердебиз.
Табийгаттын сунган жашоо өкүмү,
Биз алсызбыз ал анткени пендебиз.

Аялды да, эркекти да тараткан,
Бүт ааламга, топурактан жараткан.
Өмүрүңдүн тирүүсүндө сыйлай бил,
Жан болбойлу жолубуздан адашкан.

Талашасың колдон келбес нерсени,
Жашоо үчүн жалгыз дүйнө кургансып.
Жан дүйнөгө күч келгенде келме айтып,
Соо жүргөндө өлбөй кала тургансып.

Кудай берген өмүр жашоо белеги.
Урпактарга жакшы үлгү берели.
Тирүүбүздө сый көрсөтүп өмүргө,
Ээ пенделер, акыл-эске келели.

## ӨТКӨН ЖАШТЫК

Жылып жылдар жакшы күндөр жаркырап,
Күндөр өтөт сай суусундай шаркырап.
Жаштык кайда тал чыбыктай ийилген,
Мезгил болсо алга карай алкынат.

Келечекте орундалсын тилектер,
Өмүр алды бар бактылуу мүнөттөр,
Жакшы күндөр кучак жайып тосуп ал,
Бир кубансын сагынычтуу жүрөктөр.

Жаштык кетсе күтүп алат карылык,
Жүзү адамдын анан бырыш тагынып.
Баарын сезет карыбаган жүрөгүң,
Жаштыгымды турат согуп сагынып.

## ЭЛҮҮ ЖАШ

Көптөн күткөн кирип келдиң элүү жаш,
Оюн салган жыйырма жашым табылбас.
А отузум, кылыктанган кырк жашым,
Сурансам да кайра мага кайрылбас .

Алтымышка алып учуп сапарым,
Неберега азыр мен чоң атамын.
Жылдар менен жетимишти таянып,
Толуктаймын аксакалдар катарын.



## ЖАЛГЫЗ КАЛУУ

Жалгыздык жан дүйнөмдү жаралаган,
Ыр менен мен жылдыздуу түнгө айттым.
Калемим колго алып арманымды,
Таңдагы нурун чачкан күнгө айттым.

Ойлуумун жалгыз өзүм таштa олтурам,
Эл ортону мен элүү жашта турам.
Элиме кандай кызмат өтөдүм деп,
Көз алдыма тартып баарын баш катырам.

Өткөндүн жакшы жагын ойлономун,
Жан дүйнөм омкорулат, толгономун.
Оо Кудай, аткарылса экен деймин,
Мен самап, сенден тилеп болжогонум.

## ТААЛИМ-ТАРБИЯ

Муундарга тарбияны бере албай,
Таап айтып ынтымакка келе албай.
Акыл-насаат үйрөтө албай жаштарга,
Үмүт өчөт жакшы үрөөн себе албай.

Ыйман болсо жан дүйнө да тазарат,
Дилиң менен ички сезим жашарат.
Аруу болсо ниеттери адамдын,
Кол жетпеген бийиктикти аша алат.

Жедеп көнгөн шылтай коюп заманга,
Көнгөн адат көңүл бузат жаман да.
Жок дегенде ниеттери түз болсо,
Ыйман-ынсап жашайт эле адамда.

## ДҮРБӨЛӨҢГӨ АЛДЫРБА

Ук тууганым, жамандыкты ойлобо,
Жаман сөзгө жан дүйнөңдү кордобо.
Айтыш кыйын эртең эмне болоорун,
Жок нерсени кыялданып толгобо.

Насип тапсаң ниетиңе жараша,
Тилегениң кошо жүрөт жанашып.
Жашоо өзү бар болгону беш күндүк,
Жакшылыкты жамандыктан талашып.

Ойлон кыргыз, дүрбөлөңгө алдырбай,
Болбос ишке капалана кайгырбай.
Баардык нерсе өтүп кетет тез эле,
Жаңы эле жаап өткөн жамгырдай.

## ЫР САПТАРЫМ ЖАРАЛСА

Ар бир күнү жаңы ырларды жаратып,
Жакшы сапты жазгым келди баратып.
Окурманым күндө күтөөр ырымды,
Колдоолору жан дүйнөмө жан азык.

Күтпөс күндөр өтүп жатат чубалып,
Төрт сап ырдан жакшы сөздөр куралып.
Ай-ааламдан терип бирден жазсамбы,
Ой-кыялды эргүүлөргө сугарып.

Жан эркеме арнап жазып салсамбы,
Көңүл кушун ырым менен алсамбы.
Келиштирип кынап жазып саптарды,
Ыр сабында бутак болуп калсамбы.





## ДАРТТАН АЛЫС БОЛОЛУ

Ден соолугуң жакшы болсо өмүрдө,
Көтөрүлүп турат маанай, көңүл де.
Турмушуңда танда жолдун жакшысын,
Сабырдуу бол, тирүүлүккө шүгүр де.

Ар инсанга чоң сыноону салбасын,
Ооору-сыркоо буту-колдон албасын.
Дабаасы жок айыкпаган дарт жаман,
Мүдүрүлтүп кең жолуңда чалбасын.

Дартка дабаа себеп болгон дарыгер,
Өмүр жолун эл- журтуна арнаган.
Гипократка берген антын аткарып,,
Эбегейсиз эмгек кылат талбаган.

## АТАК-ДАҢК

Атак алуу милдет эмес мен үчүн,
Жаралганмын жанып өмүр чырагы.
Тагдырыма жазып койгон көрөрмүн,
Башка түшсө байтал жорго сыңары.

Тирилигим өтүп жатат бир калыпта,
Жолум болуп жорго салып күндөрүм.
Убакыттын жылы, күнү билинбей,
Бирде жарык, бирде айсыз түндөмүн.

Жашоонун да мыйзамы бар, шарты бар,
Дүңгүрөткөн бүтүн элди даңкы бар.
Элим деген эр азамат, уулдардын,
Колдоп алаар караан туткан калкы бар.

## ЧЕБЕРЧИЛИК

Чеберчилик билген жанга пайдалуу,
Көркөм өнөр уз-усталар толтура.
Шырдак шырып, төшөк көктөп саймалуу,
Түрүн тиккен кыздарыбыз мол тура.

Салт учугун улап келген кадырлуу,
Мырзалар да, айымдар да аз эмес.
Мээнеттенип эмгек кылган эл үчүн,
Сыймыктанар турат менде жакшы элес.

Өнүгүүнүн элим жакшы жолунда,
Ак мээнети ар бир жандын колунда.
Чеберчилик өлкөбүздө өркүндөп,
Ийгиликтер коштоп турса сонун да.

## АЧУУ СӨЗ

Бир ооз сөзүң түшүрдү го көңүлдү,
Ачуу сөздү мен башкадан укпагам.
Ашуу ашып канча күндү көрсөм да,
Сөз тийбептир көңүл жайым муздаган.

Айткан сөзүң ушунчалык уу экен,
Жүрөк ооруп башка сөздү табалбай.
Көңүлүң кир балчык суудай булганган,
Калыптырсың аруу сөздү багалбай.

Кайдан чыкты заар сөздөрүң жаралып,
Калат тура жүрөгүңө кадалып.
Сөз берметин жан адамга арнасаң,
Турбайт беле чиркин сөөгү агарып.





## КҮЛКҮ

Күлкү адамды жашартат деп айтышат,
Күлкү адамды шаңдандырат, балкытат.
Жамандыкты жандүйнөдөн кетирип,
Чөгүп турган маанайыңды жаркытат.

Күлкү-күлкү ден-соолуктун мүлкү деп,
Бекеринен айтпагандыр калайык.
Адамдардын ачылбаган кабагы,
Калат дешет жүрөктөрү карайып.

Ошондуктан жашаргыла күлгүлө,
Тамашаны кабыл алып сүйгүлө.
Бырыш баскан жүздөр турсун жылмайып,
Эл ичинде аман-эсен жүргүлө.

## УКУК ЖАШООҢ

Ээ адамзат, укугуңду билбесең,
Өңгөнү кой сен өзүңдү сүйбөсөң.
Ар ким келип кете берет мазактап,
Кор болосуң кокуйларга күндө сен.

Жашоодогу укугуңду билгиниң,
Мыйзам айтат сенин кимге кимдигиң.
Сен адамсың жашаганга укуктуу,
Укук деген сенин жашоо бийлигиң.

Ар бир жанга укук бирдей берилген,
Укугуң жок ажырайсың жериңден.
Мыйзам менен өткөрбөсөң өмүрдү,
Кубаланып алыстайсың элиңден.

## ДҮРБӨЛӨҢ

Кызыктырбай калды оомол дүнүйөң,
Оомат кетти мен ошого күйүнөм.
Жашоо нугу бара жатат бузулуп,
Ак сөөктөрдүн кылыгынан түңүлөм.

Аман-эсен тынч болсунчу замана,
Жалгап келсин жакшылыктар жалпыга.
Иш билбеген көпөстөрдүн айынан,
Залакасы тийбесе экен калкыма.

Элим деген эр азамат жаралып,
Элди алып чыгар утурумдук кырдаалдан.
Тоноп бүттү Ата-Журттун байлыгын,
Кутулаарбыз калкты алдаган булардан.

## САРЫ-ТАШ

Жалпак-Таштын Кудай берген жеринде,
Кадырлуу калк Таздар аттуу элинде.
Жакшылыктын жашап күнүн мен көрүп,
Эмгек кылам “Мрамор таш" кенинде.

Ата-бабам жашап келген кылымдан,
Ак өргөлөр ак ниеттен курулган.
Киндик каным тамган туулган өз жерим,
Кан ордодой жан дүйнөмө туюлган.

Бийик тоолуу бейиш биздин жерибиз,
Мейман достуу, кадыр-барктуу элибиз.
Сыймыктанар эл байлыгы “Сары-Таш",
Камсыз кылат Кыргызстанды кенибиз.





Таза аба, суусу менен мактанам,
Ата-бабам урпактарга сактаган.
Мөмө-жемиш, мал киндиктүү айылым,
Туулган жерим мага мисир даңктанам.

## КАДЫР ТҮН

Кел тууганым, кадыр түндү тосолу,
Орозонун келген ушул айында.
Тилек айтып бирге дуба кылалы,
Ырыскысын чачсын биздин айылга.

Бүгүн түндүн кадырына жетели,
Айдан аман, бар бололу дешели.
Бактылуулук орозонун айында,
Кадыр түндүн кереметин сезели.

Эң улуу күн рамазан айында,
Отуз күндүк орозодо кадыр түн.
Жүрөктөргө ыйман нуру толсун деп,
Тилек кылсын ушул түндө эл бүгүн.

## ТИРҮҮЛҮК

Өмүр-жашоо көз ирмемдей тирүүлүк,
Жан жашооңдун кымбаттыгын биле алсаң.
Өткөн күндөр кайтарылып берилбейт,
Сүйүп жаша айтканыма тил алсаң.

Өмүр кыска каш-кабактын ортосу,
Жарым жашын белек кылбайт бирөөлөр.
Аккан суунун токтобосун билсек да,
Кайдыгерлик көбөйдү го күнөөлөр.

Билсең адам бир гана ирет жаралат,
Жыл артынан күндөр өтөт сабалап.
Өмүрүңдө кайтып келбес күндөрүң,
Ээ адамзат, билгин сага аманат.

## НООРУЗ

Жер жарылып чөп чыгып, желин айрып сүт чыгып,
Келди Нооруз калкыма, салам айтып жалпыга.
Алас-алас аластап Умай эне түтөткөн,
Ээлтеден элимдин келген каада-салты да.

Суу күркүрөп сайдагы, дарак бүчүр байлады,
Үнүн безеп бакчадан келгин куштар сайрады.
Ала шалбырт талаалар, ак кар ээрип жоголуп,
Жашыл көктөм жаз айы, байчечекей жайнады.

Көккө түтүн буулатып болуп майрам шарданы,
Казан толо боркулдап сүмөлөктөр кайнады.
Баба-дыйкан сүйүнүп, билектерин түрүнүп,
Күзгү түшүм мол бол деп талааларын айдады.





Ээлки эл мурасы келе жаткан урпакка,
Ушул Нооруз майрамы.

## ТӨРТ МЕЗГИЛ

Төрт мезгилдин мүнөздөрү башкача,
Кыш да кетет ызгаардуу суук үш алган.
Жашыл көйнөк, жашыл көктөм жаз келет,
Көркөмдөлүп жаратылыш көз алган.

Эрте жазда эгин түшүм сепкени,
Жер кыртышын даяр кылып эккени.
Талааларда тракторлор дырылдап,
Жарыктарын жагып алып кечтери.

Төрт мезгилдин төрт башкача кыялы,
Жазды узатып жайдын күчүн туялы .
Ысык аптап жай саратан аяктап,
Жолун берет алтын күзгө сыягы.

## КУРДАШТАРЫМА

Өмүрдүн жакшы доорун сүргүлөчү,
Жадырап жакшылыкта күлгүлөчү.
Бактылуулук жаныңарда күндө жандап,
Курдаштарым аман-эсен жүргүлөчү.

Оош-кыйышта биргеликте жүрөлүчү,
Жолугушсак катар басып күлөлүчү.
Билинбей жашоо шуулдап өтөт экен,
Аз өмүрдүн жыргал доорун сүрөлүчү.

Биргеликте бийиктикти багындырып,
Бирге олтуруп черибизди жазалычы.
Кымбатсыңар өмүрлөш сырдаштарым,
Кандай бийик курдаштын аталышы.

## ТАЛАШ-ТАРТЫШ

Талаштан тактык жаралат,
Кээ бир сөз жүрөк жаралайт.
Айтылган ачуу чындыктан,
Ушак сөз элди аралайт.

Агыткан тилдин сөөгү жок,
Оозуңдан чыкса аткан ок.
Кээ кезде азап чегебиз,
Кесири тийип ойдолоп.

Убакыт колго кармалбайт,
Өткөн күн жиптей байланбайт.
Өмүрдү сыйлап сүрбөсөң,
Жүрөктө өксүк сайраңдайт.

## ТОГОЛОК

Тоголок дейт томолок,
Жүрсөк күндө жорголоп.
Аман-эсен болгула,
Аккан суудай шорголоп.

Жер-ааламы тоголок,
Топтой болуп томолок.
Жашоо-өмүрүң уланат,
Маңдай териң шорголоп.





Ай-жылдарың томолок,
Өттү-кетти жоголот.
Жашар күнүң бил кыска,
Өмүрүң да томолок.

Келдиң дүйнө томолок,
Кетээр күнүң жорголоп.
Насип кылсын көп жаша,
Жүзгө чыгып тоголок.

## КҮН ӨТӨТ

Эртең менен таң азанда турсаң да,
Бирөөлөргө бал жашоону сунсаң да.
Өтөт-кетет учкан куштай убакыт,
Өмүр жолуң башка нукка бурсаң да.

Кармай албай убакыттын ченемин,
Айласыздан моюн сунуп келемин.
Ток этерин тогуз толгоп кеп айтам,
Өмүр кыска туура жаша дегеним.

Эгер кылсаң аракетке берекет,
Өмүр дооруң жыргал менен сүрүп өт.
Бул турмушта башың ийбе сыноого,
Муңайбагын тике карап күлүп өт.

## КОШУНА

Талаша албайм эмне десе кошуна,
Кубаттаймын айтканына кошула.
Мүмкүн жакшы-жаман жагы бар чыгар,
Сөзүн бөлбөйм жула качып озуна.

Кошунаңдын жакшы болсо мүнөзү,
Жөлөп-таяп ошол болот тирөөчү.
Ишиң болсо жардам берип бүтүргөн,
Андан жакын айтчы деги ким өзү.
Кошо болуп бирге жүргөн кошуна,
Эмгегиңе жардам берип жайыла.
Жакшылыкты жамандыкты бүтүрүп,
Жанын үрөп жардам берер кошула.

Керек болор өмүр бою түбөлүк,
Жакын болуп баарлашып күн көрүп.
Эмне болсо айтарың чын чакырып,
Иш бүтүрөр жарпың жазар күн болуп.

Туугандарың эгер болсо алыста,
Кошунаң бар керек болсо жаныңда.
Жардамдашар бүтпөгөндү бүтүрүп,
Мээрим төксөң кошунаң да жакшы да.





## ГҮЛ

Гүлдүн түрү кызыл-жашыл, агы бар,
Биз билбеген, биз көрбөгөн дагы бар.
Ар кыл мезгил жыпарына бөлөгөн,
Топ гүлдөрдүн өмүр улар жагы бар.

Араласаң жыпарына мас болуп,
Жыты аңкып, жан дүйнөм да жаш болуп.
Гүлдөр менен бир сырдашсаң ыр окуп,
Жашоо-өмүр жадыраган жаз болуп.

## МЕН САГЫНДЫМ

Мен сагындым өткөн мезгил жазымды,
Бала кыял, баёо сезим жашымды.
Ойноп-күлүп баардыгына бейкапар,
Эх, чыт курсак эркелеген назымды.

Мен сагындым бирге өскөн досторду,
Чыгырыкты чимирилтип ойногон.
Балык уулап бакан менен үркүтүп,
Тор көтөрүп сайдын жээгин бойлогон.

## ЭРТЕҢКИ ЖАШОО

Түгөнбөгөн көр турмуш,
Мына бүгүн, эртең деп.
Жашың өтөт билинбей,
Ары-бери темтеңдеп.

Жашоо-турмуш шааниси,
Эмгек болот эрмегиң.
Күндү-күндөп кечкиртип,
Кут-ырыскы тергениң.

Бири-бирине окшош күн,
Кербендердей чубалган.
Күн, ай, мезгил үчөөнөн,
Жылдан кылым куралган.

## ЭРТЕҢКИ КҮН

Эртең дейбиз түндөн аман туралы,
Эртеңкисин күтөт кетип чыдамы.
Кудай дейли бар кезинде тирүүлүк,
Бүгүнкүгө пенде шүгүр кылалы.

Эртеңки күн келерине шашасың,
Ыймандуулук жүрөктөрдө жашасын.
Тобоо кылып келген күндү өткөрсөң,
Өмүрүңдүн бал жашоосун татасың.

Чамаң жетпейт токтотууга мезгилди,
Кармап калуу мүмкүн эмес өмүрдү.
Эртеңки күн жаят анан кучагын,
Көтөрөлү кел адамзат көңүлдү.





## ТАГДЫР

Тагдырыңа жазып койгон болгонун,
Жорго салат токтоно албай ойлорум.
Өйдө-ылдый чуркайт анан түзөңдө,
Басып өтүп турмушумдун жолдорун.

Канчалаган өткөрөбүз мезгилди,
Саат менен жарышууда күндөрүң.
Айсыз, айлуу жылдыз жанган көктөгү,
Артта калды саналбаган түндөрүң.

Тагдырыңды таразалап ойлоп көр,
Көңүл жылып бирде көркөм бейиш төр.
Бирде албуут шарпылдаган толкуну,
Чоң дарыя ташкындаган деңиз-көл.

## НЕБЕРЕМ

Иштен келсем сыртта жүргөн неберем,
Тосуп чыгат чоң аталап жүгүрүп.
Көп сөздөрдү айта салса булдурап,
Жан дүйнөмдү ээлеп алат сүйүнүч.

Бут болгонун мага айтып кубанат,
Тээ бир топко аңгеме кеп уланат.
Үйдөгүлөр урушат деп сиз жокто,
Эртең мени ала кет деп суранат .

Өмүрдөгү бир жарк эткен шириним,
Балдай таттуу кобураган тилиңден.
Жарык чачкан шам чырактай үйдөгү,
Күчкө толом сенин аруу дилиңден.

## БИР ӨЛҮМ

Эсиңе сал эртең келчү өлүмдү,
Жарыгы жок караңгы түн көрүндү.
Ак кепинге кийимиң жок оролуп,
Барар жериң ал акырет төгүнбү.

Турмушуңдан качсаң дагы аянып,
Байлыгыңа мансабыңа таянып.
Барар жериң тээ акыры акырет,
Түгөнгөндө ичер сууң же кадамың.

Үйүп-жыйган байлык калат жалганда,
Аргасызсың мансабың жок баргaнга.
Жалгыз гана барат жыйган ыйманың,
Бир өлүмдү өз башыңа салганда.

## ЖАЛПАК-ТАШ

Жалпак-Таштын аккан мөлтүр булагы,
Суусундай таза-тунук мүрөктүн.
Жакшылыктын баарын ичке батырган,
Толтосундай толуп турган жүрөктүн.

Жаздын-жайдын мелүүн соккон шамалы,
Тийген күндүн жаркылдаган жамалы.
Бейпилчилик жакшы жышаан элимде,
Ак эмгектен бакыт-таалай табалы.

Ак булуттар асмандагы каалгыган,
Ак кемедей көл үстүндө бараткан.
Жалпак-Ташым, сага таазим этемин,
Сени бизге буйруп берген Жараткан.





## БИР КЫЛЫМ

Кылым жолу ашуу болот жүз жылдык,
Ай айланган арбыбаган кадамдар.
Канча жылды багындырып келатат,
Доор сүрүп, доорон сүрүп адамдар.

Жакшы күндөр жакшы айга байлансын,
Ай тогошуп анан жылга айлансын.
Аалам жолун баскан менен адамзат,
Оо дүнүйө, сен баары бир жалгансың.

Саат-убакыт күндөн кылым уланып,
Айлар өтөт мезгил толуп сыланып.
Бир кылымды көрүү үчүн адамзат,
Жашаш керек жүз жыл толук бил анык.

## АППАК КАР

Жердин бети толуп бүгүн ак карга,
Ак көйнөкчөн тал-теректер, бактар да.
Керемети, коздугу өзгөчө,
Көчө бойлоп оюн куруп жаштар да.

Айлана бүт аппак карды жамынып,
Тоо баштары ак шөкүле тагынып.
Жаратылыш бир башкача өзгөрдү,
Табияттын таасирине багынып.

Кыш мезгили аяздуу кар, ызгаары,
Күн нуруна чагылышкан муздары.
Терезени түндө келип саймалап,
Кеткен өңдүү кышкы аяздын уздары.

## ЖАШТЫК КЕЗ

Ойго батып жаш кезекти эстедим,
Кайран жаштык сездим алыс кеткенин.
Ойго салды эргүү берген күндөрүм,
Көз ачкандай элүү жашка жеткеним.

Өттү жылдар мен да бала болгомун,
Оюн-күлкү тамашага тойбодум.
Элестетсем кайрылбаган ал күндөр,
Дүбүртүндөй тээ алыста жоргонун.

Кандай сонун бала курак жаш кезим.
Балалыкта баалуу болчу ак сезим.
Канчалаган билинбеген жыл кетти,
Баяндаган ырым дагы ак сөзүм.

## АТТИҢ АРМАН

Саналуу айсыз кыска жолдор калды,
Мен үчүн жардамдашар жандар барбы.
Түйшөлткөн тагдырымды алсыз күнүм,
Бул турмуш сыноо менен күчүмдү алды.

Өмүрдө тагдырымдын тамашасы,
Пендемин жаңыласың, адашасың.
Мен үчүн ачык десем, жабык дешет,
Дүйнөнүн кулпусу жок дарбазасын.

Карайлаган аралагыс кара туман,
Жоготуп максатымды ойго салган.
Баратам илкий басып узун жолдо,
Айткылачы кандай кылам аттиң арман.





## БАЛА БАКЫТ

Бала бакыт, бала ширин баарынан,
Ар бир үйдө бешик ыры жаңырып.
Той өткөрөт ата-энеси кубана,
Сүйүнүчкө бөлөп ушул жаңылык.

Бал жыттанган бар бол алтын балалык,
Жытын искеп андан моокум алалык.
Бала байлык, баардыгынан эң кымбат,
Эркелетип таалай-бакыт табалык.

## ЖАКШЫ ТИЛЕК

Тилек кылдым кут даарысын элимди,
Саткындардан сакта Кудай жеримди.
Унутпасын учук улап урпактар,
Эр Манастан чыккан ата тегимди.

Кыргызымдын эр азамат уулдары,
Эрезеге өсүп жеткен муундары.
Мекениме жолобосун жамандык,
Көкөлөсүн көктү тиреп тууң дагы.

Кыргыз туусу турсун күндө желбиреп,
Колубузга эгемендик келди деп.
Ала-Тоодой ак калпактуу кыргыздар,
Намыс менен эркиндикти жеңди деп.

## ЖОЛ

Кайда барсаң алыс-жакын жол кайгы,
Сапар алып кайгырбаган жан барбы.
Канчалаган адам түнү жол кезип,
Талаа-түздө тосуп далай таңдарды.

Ашуу-белес ылайланган баткак жол,
Көк жалтаң муз тайгаланган таскак жол.
Унаалардын шайын алып кетирген,
Силкилдеткен ары-бери таштак жол.

Ачуу чындык жол уласа жолоочу,
Алыстыктан жолдун түрү кыйнаган.
Түнү түштөн, күндүз ойдон кетпеген,
Кайран жолдор талкаланып кыйраган.
Ак сөөктөрдөн эр азамат чыкпады,
Өз мекенин, Ата-Журтун сыйлаган.

## ООРУ

Адамдарда оору-сыркоо болбосун,
Жаратканым жарчы болсун, колдосун.
Ден соолугуң жаныңды жеп ооруса,
Дене табың ээрип турган коргошун.

Жаратканым жакындатып пендени,
Адамдарга сынап оору берет дейт.
Шүгүр кылып Жаратканды эстесе,
Дабаа ошол дартын анан жеңет дейт.

Ар бир пенде тартпаса дейм азабын,
Оорусу жок бул дүйнөдө жашагын.





Оору-оору бул сыноосу Кудайдын,
Мен ырымда чынын айтып жатамын.

## ЖУМУШУМ

Эртең менен күтүп турат жумушум,
Кыйын эле таңда эрте турушум.
Ак эмгегим саат сегизде башталат,
Коңгуроону бийик коём угуу үчүн.

Жадабаймын күндө барам ишиме,
Башка иш чыкса тура тур дейм кичине.
Ишти аяктап кеч болгондо жолугам,
Зыяным жок башкалардын ишине.

Таш аралап кечке тынбай зээрикпейм,
Мейли, макул, жаман десин терикпейм.
Мээнет кылам маянамды аламын,
Ким биреөчө көп болсо эгер ээликпейм.

Карьер бар "Мрамор таш" кен чыгат,
Ак эмгегим адал иштен тер чыгат.

## АРЗУУ ДАСТАН

Арзуу кылган жазылбаган дастан бар,
Окуп калам башка акындар жазган бар.
Келиштире кынап тизе тизмектеп,
Сөз атасын ырларына тапкан бар.

Ийне башы сөз жетпеген көз учук,
Окуганда жанды эритип сөз учуп.
Түшүнгөндө ошол ырдын маанисин,
Жүргөндөймүн ай-ааламда мен учуп.

Жазгым келип улап жакшы ал жагын,
Колго калем, ак баракты кармадым.
Жүрөгүмдөн жылуу сөздөн чыгарып,
Ушул ырды акындарга арнадым.

Күүлүү-күчтүү акыл оюм ар тарап,
Жазган ырым канча жанды тарталат.
Окуп турса ырларымды окурман,
Жан дүйнөмдө күндө майрам, салтанат.

## АДАМ ЖАНЫ

Жүрөгүм ооруп турат неге бүгүн,
Күтүлбөгөн жерден катуу сыгылып.
Пешенеге жазылганды көрөм да,
Калбастырмын алдан тайып жыгылып.

Адам жаны назик болуп гүл экен,
Жүрөк оору ойлондурган сүр экен.
Жарылчудай көөп барат тамырым,
Байланышып баардык мүчө бир экен.





Көз ирмесең талып ооруп карегим,
Жаны сыздап басылбады денемдин.
Алаксытып ырым менен олтурам,
Акырындап барып анан жеңемин.

## АЗАП

Ооруп калар мен күнүмдү билбедим,
Башкалардын айткан сөзүн илбедим.
Оору деген айтпай келет экен да,
Жайкы ысыкта муздап денем чилдемин.

Оору жаман билбей туруп кабылгам,
Кайышты го какшап-сыздап кабыргам.
Себепкер жан айыктырып ооруңду,
Жакшы экен убагында табылган.

Келген эмес миң ойлосом оюма,
Көтөрөм деп мындай азап жонума.
Ширин тура адам жаны өзгөчө,
Арсыз оору мындан ары тооруба.

## ТОБОКЕЛ

Тобокелдик кылба жашоо шартыңа,
Бир кылчайып карап койгун артыңа.
Аракетиң алып чыгат көтөрүп,
Атагыңды Ата-Журтка, калкыңа.

Өмүрүңдү тобокелге салбагын,
Арамдыкка, жамандыкка барбагын.
Колуңдагы бакытыңды учурбай,
Баалай билип, бекемирек кармагың.
Калпып сүйлө айтчу сөздүн каймагын,
Өкүнүчтө бармак тиштеп калбагын.
Гүлдөй назик өзү кыска өмүрдү,
Эч убакта тобокелге салбагын.

## БИР ТУУГАН

Эң жакының эгер билсең бир тууган,
Бир мен үчүн жанын берип умтулган.
Башкалардан жакындыгы он эсе,
Өзгөлөрдөн кызмат кылган мурунтан.

Жашоо өмүрүң бир тууганың керектир,
Ал тууганың ага-эжең демек бил.
Керек болор эгер билсең тууганың,
Жакшы сөздү сен кулакка угуп ил.

Бир туугандар эсен жүрүп, көп болсун,
Көңүлдөрү көтөрүңкү ток болсун.
Сезимдери бул жашоодо кең болуп,
Бирге жанган өмүр шамы кут болсун.





## КӨҢҮЛ СУЗ

Эмнегедир көңүлүм суз, көөн айнып,
Жан дүнүйөмдүн ээнсиреген боштугу.
Өмүр өтүп бараткандай азайып,
Жашоомдогу жакшы күндүн жоктугу.

Жашоо күнгө мен жаралдым аксадым,
Жакшы болуп башкаларга жакпадым.
Жашоом менин канча күнгө уланат,
Жазыгымбы кайгы-муңду тартканым.
Жакшы өмүрдү жан адамга берет дейт,
Жакшы жашап өмүр сүрүү керек дейт.
Бир күнчүлүк жашоо сенин өмүрүң,
Токтобостон шамал өңдүү желет дейт.

## ЖАҢЫ ЖЫЛ

Убактылуу минуталар калганда,
Жаңы жылга кадам салып барганда.
Жандар күтүп жаңы жылдын келишин,
Саат жебеси он экиге барганда.

Куттуу болсун жаңы келген жылыңар,
Аман-эсен толук жамаат жалпыңар.
Өрүш-аркак өнүккүлө бийиктеп,
Көтөрүлүп ар күн сайын баркыңар

## КЕЛ-КЕЛ

Жашап жатам жок нерсени болсо деп,
Тапканыма шүгүрчүлүк кыламын.
Кел-кел келип буйруп баардык жакшыны,
Ырахмат айтып жакшы кептен угамын.

Жаман жактан буюрабы тапканың,
Алдап-соолап ким биреөгө жакканың.
Бар нерсени касам ичип бербестен,
Ишендирип ага чөнтөк какканың.

Көр оокатың жашап жаткан заманың,
Биреөгө кең, биреөгө тар кадамың.
Билип туруп, көрүп туруп жасайсың,
Тамагыңдын билбестен сен адалын.

Кел-кел дейбиз жан дүйнөбүз жардыбы,
Жаман болуп ичтер тарып калдыбы.
Кең дүйнөдө жашап жатып кысынып,
Ичи тарлык ичке кирип алдыбы.

## ЭНЕ

Эне кымбат, эне ыйык баарынан,
Ийкемдүүлүк, боорукерлик жагынан.
Төп келишип акыл оюу бүт баары,
Ысык деми жалын чачкан табынан.

Кут-береке пайдубалы энелер,
Катарында кайтпас жолдон жеңелер.
Дүнүйөнүн төрт тарабын термелткен,
Жалпы журттун жашоочусу эжелер.





Бүт дүнүйө кыргыз журтум-калкыма,
Сыймыктанам ыйык аялзатына.
Убагында мени төрөп өстүргөн,
Таазим кылам улуу ЭНЕ атыңа.

## ТҮШҮНЧҮ

Катарыбыз кемибесин жакшыдан,
Чыгаан жаран арабызда жок эмес.
Жалкоолуктан арылгыла асылдар,
Түшүндүрчү көңүл неге ток эмес.

Өзүмдү айтсам көп нерсеге капамын,
Аны ырыма азыр ачык жазамын.
Башка тилде бажырайып сүйлөйбүз,
Мен ошону айтайын деп жатамын.

Кандай болот акыр барып заманаң,
Жан көбөйдү өз тилинен тажаган.
Өз тилинде сүйлөй албай өксүтүп,
Өңгө тилди бир өзгөчө самаган.

## КЫШКЫ СЕЗИМ

Ак кар жааса кышында,
Кереметин билели.
Аппак жылдын мезгили,
Аппак айткан тилеги.

Ызгар болгон кышымдын,
Болгон күнүн мен сүйдүм.
Жаш балача чана тээп,
Жаш кезимди мен сүйдүм.

Кубалашып ойногон,
Өткөн күндү мен сүйдүм.
Кар атышып ойногон,
Жаштык кезди мен сүйдүм.

Улуу карда ат минген,
Күндөрүмдү мен сүйдүм.
Улака чаап ат менен,
Тартышканды мен сүйдүм.

Бийик тоонун башында,
Ылдый түшкөн күндөрүм.
Өттү убакыт зымырап,
Кеткен кезди мен сүйдүм.

Эстейм өткөн күндөрдү,
Артта калды мен сүйдүм.
Жашоо турмуш беш күндүк,
Жакшылыкты мен сүйдүм.

## КУТ

Кут-береке чачыласы чачылсын,
Ар бир жанга бакыт нуру ачылсын.
Берекеси үйүңөрдө көп болуп,
Башыңарга бакты-таалай жазылсын.

Коломтоңор жалындасын өчпөсүн,
Жакшы ниет көңүлүңөр чөкпөсүн.
Кут-береке толуп ашып үйүңө,
Алга карай золобоңор бөрктөсүн.





Жакшылыкта жаркып дайым жүрөлү,
Куттукташып сыйлашалы, күлөлү.
Жаралган соң бул дүйнөгө бир жолу,
Асылдарым, алтын доорду сүрөлү.

## НАСИП

Насип кылса буйруп жемиштериң,
Мол түшүм бер көбөйүп эгиздегин.
Эл эмгегин жер жебейт эмгектенсе,
Бир керемет Кыргызстан бейиш жерим.

Бакчада тиккен алма мөмө байлап,
Түрлүү жемиш дасторкон калат жайнап.
Кең пейилдүү тосуп алат кучак жайып,
Мейман үчүн эт менен чайы кайнап.

Түйшүк менен эрте жазда тиккендерге,
Алтын күз мол түшүмдү белек кылсын.
Жараткан насип кылып жакшылыкты,
Адамды адамдарга себеп кылсын.

## КАПА БОЛБОЙМ

Капа болбойм мага колдоо кылбасаң,
Капа болбойм ырларымды сындасаң.
Окуп койсоң мен ошого куштармын,
Бар болгону көрө албастык кылбасаң.

Каало-тилек жакшы сөздөн жазсаңыз,
Жаккан ырга быйтыкчаны бассаңыз.
Кубанычым батпай калат койнума,
Жакшы ыр деп мактап айтып жатсаңыз.

Башкаларды тирүүлүктө сыйлайлы,
Жакшылыкты тиленели, каалайлы.
Сүйөмүн деп жүрөгүңдөн так айтып,
Башка жанды сыйлашалы, баалайлы.

## ӨНӨРЛҮҮ ӨЛБӨЙТ

Жигитке жетимиш өнөр аздык кылат,
Өнөрлүү өлбөйт элге кызмат кылат.
Колунан көөр төгүлгөн усталар бар,
Ээр чабып, боз үй жасап, элге сунат.

Атадан үйрөнгөнүн уулу улап,
Меш жасайт мелтиретип темир кынап.
Өнөрүн өркүндөтүп иши менен,
Жасаган ак эмгегин элге сунат.

## БАГЫТ

Багыт алып мен каякка баратам,
Жолум туман бир ойлонуп карасам.
Артка таштап канчалаган жылдарды,
Кетиптир го жаштык күндөр санасам.

Жаштыгыма мен кайрылып бара албайм,
Кеткен күндү издесем да таба албайм.
Эгер билбей мен кетирсем кемчилик,
Өткөн кезди кайра кайрып ала албайм.

Жакшы күндөр толкуп аккан дарыя,
Айтпасам да билгендерге жарыя.
Айлар жылып дагы өтсө көп жылдар,
Кемпириме мен картайган карыя.





## ӨЗГӨРБӨ

Дүлөй болбо, көр болбо,
Жаман жолго өзгөрбө.
Өнөрүңдү чыгарып,
Запкы салба көптөргө.

Турмуш жолу тайгак жол,
Айланайын абайла.
Жолуң менен түз жүрсөң,
Колуң жетет далайга.

Жакшы-жаман аралаш,
Досуң-касың сапарлаш.
Алгалай бер арыштап,
Жакшы ниет катарлаш.

## ПЕНДЕБИЗ

Дүйнө кезип байлык, тыйын тапсак да,
Жумуш кылбай күн өткөрүп жатсак да.
Биз пендебиз жаралганбыз дүйнөгө,
Бүт ааламды бир кыдырып бассак да.

Жүз миңдеген мал жандыкты баксак да,
Кабат-кабат үйдү куруп жатсак да.
Жаралганбыз катардагы бир пенде,
Жер шарынын жаңылыгын ачсак да.

Көк асманда булут жиреп жүрсөк да,
Жеңди түрө келер күндү күтсөк да.
Жаш өмүрүң убактылуу билгиниң,
Көк асмандан балбан болуп түшсөк да.

Насип кылса болот баары билбедик,
Жакшы сөздү угуп күндө илбедик.
Тириликти биз уланткан пендебиз,
Өмүрдү да сыйлабадык, сүйбөдүк.

## ОРОЗО

Түн жарымы уйку сурап турганыбыз,
Чоң ийгилик ибадат кылганыбыз.
Орозонун касиети ошондой,
Аны туткан адамдык жыргалыбыз.

Ниет кылып жакшы күндү жашап барам,
Ниетиңди маңдайга жазат анан.
Акыретте суроктан кутуласың,
Кудай кылат башыңды азат анан.

Жыл мезгилдин жакшы күнүн сүрөлүчү,
Жакшылыкта жанашып жүрөлүчү.
Отуз күндүк орозо кабыл болсун,
Чын жүрөктөн Кудайды сүйөлүчү.

## ЫНТЫМАК

Ынтымагы бар элдин,
Ырыскысы кең болоор.
Калк кадыры ал жердин,
Эли бүтүн тең болоор.

Жакшы күндө жашашып,
Бири-бирине карашып.





Өмүр күнүн сүрүшөт,
Жашоо шаңын талашып.

Ага-инидей сыйлашып,
Бир туугандай сырдашып.
Биригишкен бир топук,
Биргеликте ырдашып.

## ДОСУМА

Бара жатам тосуп алар досум бар,
Бир мен үчүн аккан тунук суудай шар.
Жан аябайт эч убакта мендейге,
А сен досум, желбиреген туудай бол.

Күлгүн курак, жаш элек өткөн кезде,
Жылдар жылып биз келдик ушул кезге.
Тирүүлүктө бир болуп кошо күлүп,
Жаштык курак артта калды болгон нерсе.

Ойлоп күнду өмүр үчүн жашадыңбы,
Эмгек менен ийгилик жасадыңбы.
Жол арытып баратам досума деп,
Карап жолду ээ досум чарчадыңбы.

## АККАН СУУДАЙ ТУНУК БОЛ

Жашоого кадам баскан жол,
Мелтиреп толгон көлдөй бол.
Көксөгөн башта суктанып,
Көз жетпеген чөлдөй бол.

Кечинде чыккан айдай бол,
Кан достордой кенен бол.
Келер дүйнө аз өмүр,
Көк деңиздей терең бол.

Аскалуу тоодой бийик бол,
Армансыз жашап кийик бол.
Жашоо күнүң беш күндүк,
Кайрылып келбейт ийик бол.

Ак боз аттай жорго бол,
Ат үстүндө жолдо бол.
Көксөгөн күнгө жол таштап,
Жакшылык тилек ойдо бол.

Элге жаккан кундуз бол,
Асманда толгон жылдыз бол.
Жаркырап күндө жашаган,
Намыстуу бийик кыргыз бол.





## ОШОЛ КЕЗДЕ

Заман талап өзгөрүлүп турары,
Жылдар жылса башка нукка бурары.
Айтыш кыйын өзгөрүлөт белгисиз,
Адам билбейт канча жашка чыгарын.

Убагында сезе билсең жакшы күн,
Бакытыңды бажырайтып аччу күн.
Артып барат турмушуңа кызыгууң,
Эртең-бүгүн жолукчудай куттуу күн.

Биз күтөбүз жакшы күндү максаттуу,
Ниет кылып жакшы күндөн бак тапчу.
Жакшылыкта кол кармашып жашайлы,
Кетирели жаман ойду каскакты.

## ЖАКШЫ КҮНДӨР

Жакшы күндөр өтүп жатса чубалып,
Аккан сымал суу тамчыдан куралып.
Канча күндүк өмүр калды ким билет,
Көз көрбөгөн, кол жетпеген мунарык.

Өмүрүңдүн күндөрүн тыңдап жашап,
Ак-карасын абайлап кылдат жашап.
Өмүр учуп закымдай өтүп барат,
Өкүнбөстөн өткөргүн кылдат жашап.

Жашоо күнүң ташыган дайра беле,
Ак эмгектин үзүрү пайда беле.
Өткөн чакка өкүнүп кейибегин,
Жаштыгымды кайрып бер кайра дебе.

## ЖАШООНУН ӨЗӨКТӨРҮ

Жашоонун өзөктөрү жан-жаныбар,
Жашоонун жар кырында бар адамдар.
Өмүрдүн жашоо күнүн жанга татып,
Бакты-таалай, ырыскысын кармаган бар.

Бирөө бар дүйнө мүлкү жер жайнаган,
Тамак-ашы, казан толо эт кайнаган.
Бирөө бар колунда жок алсыз кургур,
Бир сындырым нанды иштеп таба албаган.

Өзгөрүп ар бир жандын жашоо күнү,
Эртедир оюнда жок кээде түнү.
Жол улап өмүр күнүн алга жирейт,
Жетсе да, жетпесе да зарлап үнү.

## ЭМНЕГЕ?

Зымырап жылдар өтсө картаябыз,
Дем-күчкө убактылуу таянабыз.
Көңүлүң көтөрүлүп күндө турса,
Келечектен үмүт кылып жашарабыз.

Билбейсиң, жакшылыктын сен күндөрүн,
Билинбей кетип жаткан кеч-түндөрүн.
Байкап көр адыр-кокту талаалардын,
Кандай сонун түр ачып гүлдөгөнүн.

Ачылган гүл кез келгенде соолуп калар,
Ар бир жан жашоо үчүн алга жылар.
Уттурбагын кармана бил убакытты,
Сен күтпөгөн асман толо жылдыз жанар.





## АСМАН БИЙИК

Асман бийик сунган колуң жетпеген,
Учкан мезгил аткан октой тез белең.
Элүү жашым таразалар баардыгын,
Тактык менен өмүр улар кез белең.

Каалгып учуп ак булуттар көктөгү,
Көөлгүп анан көз жашынын төккөнү.
Ошол көз жаш айлананы жашартып,
Бак-дарактар, тал-теректер көктөдү.

Көпкөк асман көмкөрүлүп кетпеген,
Мейкиниңди карап көздөр жетпеген.
Асман-асман ай-ааламды чүмкөгөн,
Койну кенен бузулбаган чеп белең.

## ЧЕТ ЖАКТА

Барбасам да сапар алып чет жакка,
Арча оронгон тоолорумду самаймын.
Тээ алыста ак кар баскан чокусун,
Көзүм артып суктанамын караймын.

Башка жакка барып султан болгуча,
Өз элиңе ултан болгун деген бар.
Бейишимсиң туулган жерим, турагым,
Сыймыктанчу ата тегим элим бар.

Ата-Журттан алыстабайм четтебейм,
Кымбат турат, бийик турат баарынан.
Сапар алсам иштер менен бир азга,
Куса болуп аба жытың сагынам.

## КЫРГЫЗ ГЕНИ

Улутубуз кылымдардан кылымга,
Сактап келген каада-салтын, мурасын.
Тукум улап келе жатат миң жылы,
Урпактары кенен жайып кулачын.

Тарых жолу кылымдарды баскан жол,
Манас баатыр, эркиндикти ачкан жол.
Эне-Сайдан Ала-Тоого аттанып,
Калгандыгын казык кылып каккан жол.

Урпагында Улуу Манас гени бар,
Осуяты сүрөө кылган деми бар.
Ала-Тоону мекендеген эзелтен,
Кылым менен тете кыргыз эли бар.

## ЖОЛ БАСТЫК

Артта калды канчалаган күндөрүм,
Жамгыр төккөн жаштык өткөн түндөрүм.
Кайра кайтпайт кол булгалап чакырсаң,
Балалык кез ойноп күлүп жүргөнүм.

Шарактаган жаштыгымдын кечи эле,
Канчалаган жылдар кетти тез эле.
Бир жаралып доорун сүрүп жашоонун,
Күлүңдөгөн күлгүн курак кез эле.

Өткөн күндүн көп күндөрү сагыныч,
Өмүрүңдүн өткөндөрү таарыныч.
Насип кылган биз жашоону сүрөбүз,
Жазып койгон тагдырыңа багынып.





## СЕН ЭМЕС ӨМҮР ӨКҮНТКӨН

Чиркин өмүр шүгүрчүлүк кылалы,
Жакшы сөздөн кеп курашып туралы.
Жашагын деп жашоо берсе кудайым,
Жакшы күндө алга карай жылалы.

Өмүр жашты берсе жанга ченелүү,
Күндөр өтсө тамчы сымал өмүрүң.
Убагында сен жашоону барктап кал,
Ачык болсун жарык күндөй көңүлүң.

Өкүнгөндөн өмүр көпкө узарбайт,
Тагдыр жазган жазмышты бузалбайт.
Өмүр учат канаттуудай зуулдап,
Адам деген убакытты уталбайт.

## ТАГДЫР ЭКЕН

Тагдыр экен калем кармап колума,
Кенен жолдо жүктү артып жонума.
Күтпөс күнгө ыр саптарым жазылат,
Сыймыктанам кадам салган жолума.

Мен төрөлүп бул ааламга жаралсам,
Бакытымды, таалайымды таба алсам.
Акыретте Жаратkандын алдына,
Ыйман менен таза болуп баралсам.

Жакшы угуп, туура түшүн сөзүмө,
Маани салгын сүйлөгөн кеп-сөзүңө.
Турмушунда баардык жагың баалай жүр,
Бул өмүрдөн таза жүрүп өтүүгө.

## КАНАТЫҢ ЖОК УЧА АЛГЫС

Биз пендебиз жер үстүнө жаралган,
Адам ата, Обо энеден таралган.
Канаты жок көктө сызып учууга,
Тажабаган өмүр үчүн кадамдан.

Заман-доорду бактыбызга көрөбүз,
Мээнет кылып маңдай терди төгөбүз.
Канча күндүк Кудай берген өмүрдү,
Ырыскысы таразалап ченегис.

Жаралган күн ар пендеге аманат,
Жашоо үчүн жасаш керек далалат.
Жүрөгүндө ыйманы бар пенделер,
Жакшы күндүн ырыс-кутун таба алат.

## НАРКТУУ ЭЛ

Жаштык курак ишке тойбос маал экен,
Жарык чачкан жан дүйнөмдө шаар экен.
Жакшылыктын кучагына бөлөнүп,
Өмүр сүрсүн амандыкта баары эсен.

Акыл айтып, насаат сүйлөп жаштарга,
Ак сакалдар төрүбүздө отурсун.
Жамандыктан жакшылыкка чакырса,
Кол алышып жаштар көптөп кошулсун.

Сый-урматты барктап келген салттуу эл,
Каада менен калың журтта барктуу эл.
Эмгектенип тумар кылып карманып,
Кыргыз элим мурасы күч нарктуу эл.





## БАЙЛЫК

Туурадыр алга жылып кетпестигим,
Ден соолук чоң байлыка тектеш бүгүн.
Канчалык көтөрүлсөң жогорулап,
Мансабың ден соолукка жетпес бүгүн.

Жылуу жүз көрсөм өтө кубанамын,
Жете албай бир байлыкка убаранын.
Ал нерсе кымбат турат баардыгынан,
Кудайдан чын ден соолук сураганым.

Байлыгың, башка нерсең кызыктырбайт,
Мамиле алакалуу ысыкты айт.
Жашоонун туура жолун билип жаша,
Дарты жок өмүр сүргөн сызыкты айт.

## ЖАКШЫ СӨЗ

Жакшы сөз жан эргитет, жаман сөз жан кейитет,
Накыл кеп бабалардын demиңе демин берет.
Ар жолдун жылышы бар алгалай жүрө билсең,
Жамандан жаа бою кач, ал деген жан чиритет.

Жакшылык турмуш жолу алдыңды көрө билсең,
Улуулар айткан сөздү кадырлап сүйө билсең.
Айлуу түн күн да болор убакыт жылган менен,
Кең пейил, аруу таза, ар дайым адал жүрсөң.

Жакшыдан алыстабай жанында жандагының,
Жумурай журтубуздун каадасын кармагының.
Көңүлүң куунак болуп, мөлтүрөп булак болуп,
Жашоонун даңгыр жолун дайыма таңдагының.

## ЖАЗ ЖАРЫШЫ

Жаз мезгили дыйкан атын камчылап,
Талааларда жаз жарышы чаң чыгат.
Караңгыда тракторлор жер айдап,
Талаа үстү күндүзгүдөй жаркырап.

Бак-дарактын бүчүрлөрү жарылып,
Жер көктөдү көгүш шейшеп жамынып.
Арыктарда суу шылдырап обондуу,
Талаа көрктүү түркүн гүлдү тагынып.

Эх керемет, келген жаздын көктөмү,
Торгой үнү безеленген көктөгү.
Кеч киргенде айыл жакка жаңырат,
Суунун үнү шаркыраган төштөгү.

## КАЛЕМГЕР

Көл жээгинде болгонун,
Сапка салган калемгер.
Алтын сөздү иргектеп,
Капка салган калемгер.

Жазса жакшы жактарын,
Ай-жер, аалам асманын.
Жан киргизет сүрөттөп,
Аскалуу-зоо, таштарын.

Кыска сапты узарткан,
Кызык жазган калемгер.
Жандүйнөңдү куйкалап,
Ысык жазган калемгер.





## ЭМГЕК

Бирөө болду бак буюруп министр,
Өткөн күнү ал түшүмө кириптир.
Акчаң барбы орноштурам ишке дейт,
Жан дүйнөсү бузулуптур, ириптир.

Менде кайдан ошончолук көп акча,
Пейли бузук чөнтөгүңдү кагат да.
Акча болуп калган акыл-ойлору,
Карабаган билим менен сабатка.

Насип болсун ак мээнеттүү эмгегим,
Дүйнөм таза, мен жөнөкөй пендемин.
Кадыр-баркым министрден кем эмес,
Баалайт-сыйлайт бар болгула эл дедим.

## КЫРГЫЗ КАЛКЫМ

Кыргыз элим канча доорду өткөрүп,
Дайра сымал жылдар менен агылган.
Эр Манастан учугубуз уланып,
Кең ааламга болуп келдик чагылган.

Эгемендик дедик тууну көтөрдүк,
Орноп келди темирдей күч бекемдик.
Тилибиз бай нечен кылым карыткан,
Сөз байлыгы, акылмандык, чечендик.

## СЕЗИМДЕР

Эргүү келип ачылганбы сезимдер,
Алга сүрөп учуп турган кезиңер.
Кайрылбасын канатыңар кокустук,
Кошо болуп бирге болуп элиңер.

Эргүү келсе жолуң ачык иш болоор,
Көңүлдөрүң ашып-ташып жык толоор.
Үй-бүлөңө бакыт кушу айланып,
Алыс кетпей айланчыктап ал коноор.

Көңүл келсе ишиңде сен болосуң,
Көңүл кушбак кубанычка толосуң.
Ишиң жүрүп илгерилеп алдыга,
Бейпил жашоо тилегиңе коносуң.

## БЕШИК

Эгер келсең бул дүйнөгө жаралып,
Өмүр улап жашаш үчүн акың бар,
Ак бешикке алдей болуп бөлөнүп,
Азан айтып атаң койгон атың бар.

Бир туугандар удаа-удаа төрөлүп
Тээ илгертен ак бешикке бөлөнүп.
Көчмөн элбиз көчүү менен конууда,
Бөлөп алып ат үстүнө өңөрүп.

Ата-бабам сактап каада-салттарын,
Мурас кылып урпактарга өткөрүп.
Кыргыз уулу бешик менен киндиктеш,
Тээ замандан кулак угуп, көз көрүп.





## БӨБӨКТӨР

Таттуу кыял тай-тай баскан бөбөктөр,
Жашообузга үмүт сунган себепкер.
Күмүш күлкүң турган бакыт тартуулап,
Өмүрдөгү баа чак келбес белектер.

Тили ширин ар нерсени сүйлөсө,
Кылыгына карап ичиң жылыган.
Бөбөк үмүт бөбөк жашоо тартуулап,
Бал тил менен боор этиңди сууруган.

Өмүрлөрү узун болсун бөбөктүн,
Чоң атага, чоң энеге жөлөксүң.
Шоола чачып турган өмүр тартуулап,
Кереги жок небереден бөлөктүн.

## НЕБЕРЕМ

Борсулдаган күчүгүм,
Мыёологон мышыгым.
Суроо салды неберем,
Кууса керек чоң энем.

Карап чыкты бөлмөнү,
Конок үйдү төрдөгү.
Таап бер деди безилдеп,
Энем айтчу кетир деп.

Эрмеги эле мышыгы,
Борсулдаган күчүгү.
Буттарына жабышып,
Эркелеген утуру.

Чуркап кирди мыёлоп,
Сырттан үйгө жүгүрүп.
Мышык менен күчүктү,
Көрүп алып сүйүнүп.

## ОЮМ КЕТТИ

Оюм кетти алыс учуп кыялап,
Төрт сап ырды токуй албай сыялап.
Атаганат келсең боло күттүрбөй,
Эргүүлөрүм учкан куштай мага бат.

Өткөн кездин кайрылбаган кезеги,
Тирүүлүктүн кандай сонун жетеги.
Оюнда жок жат көрүнүш көп нерсе,
Жандүйнөнү жанчат анан өзеби.

Ай-ааламдын мен болоюн учкуну,
Жарык чачкан күн нурундай жаркылдап.
Уланталы өмүр улап чарчабай,
Тагдыр жолун күмүш төгүп, алтындап.





## КӨПӨЛӨКТӨР

Көпөлөктөр көкөлөгөн жаздагы,
Гүл тандашып өңү түсү ак-сары.
Бөбөктайлар кубалашып ойношот,
Тегерене чарк айланып бакчаны.

Ал көпөлөк канаттарын каккылап,
Күн нуруна гүлгө көнүп póktanat.

Аппак көйнөк кийип алдым дегенсип,
Улам-улам ак көпөлөк мактанат.

Учкулачы бийик-бийик көкөлөп,
Сары, кызыл жана аппак көпөлөк.
Керилгиле канат кагып күнүгө,
Силер кончу гүлдөр дагы өтө көп.

## ЭРГҮҮ

Эргүү келсе ыр жазалы жаратып,
Ыр акынга болуп келген жан азык.
Мекен  үчүн жан дүйнөдөн төгөбүз,
Келсе эргүү жүрөктөрдү канатып.

Эргүү менен жакшы сөздөр жазалы,
Ыр түйүнүн ырдын сырын  ачалы.
Ыр өмүрдүн, бул жашоонун булагы,
Жан дүйнөнүн жаңырыгын угалы.

Эргүүм келип ыр жазууну баштадым,
Ыр дүйнөнүн босогосун аттадым.
Көкүрөктөн сууруп алып сөздөрдү,
Ушул ырга түшүргөнүм, жазганым.

## ЖАШОО

Жашоо сонун эгер билсең билгенге,
Кандай сонун ырлар жанга сиңгенде.
Алпурушуп катарымда акындар,
Жазып жатса күч-кубатты бергенде.

Дүнүйөнүн тегерегин термелткен,
Жасап койгон бул жандарды берметтен.
Чындык сөзүм угуп койчу көпчүлүк,
Жөн оюмдан жазган жокмун эрмектен.

Чындык болсо мээримимден сүйөмүн,
Ачык сөзүм анча мынча күлөмүн.
Бул жашоого келгендигим ырастыр,
Араңарда аралашып жүргөнүм.

## ЗАМАНДАШ

Пенде экенбиз жашоого шүгүр кылам,
Мага берген жашоону жашап барам.
Үйүм толо уул-кызым, неберем,
Мен кубанбай бул дүйнөдө не кылам.

Жакшы-жаман катарында аралаш,
Улуу күндөр эстен чыкпайт катарлаш.
Жакшылыкта жакшы күндө жүрөлү,
Катарыбыз үзүлбөсүн замандаш.





## ЖУМУШ

Жашап келем тоо жеринде тынбастан,
Иштен келип дем алып мен турбастан.
Үй жумушу бүтпөйт экен түгөнбөйт,
Кылсам эгер үйгө кылам чанбастан.

Жаздын күнү жер айдоолор башталат,
Бир ай өтпөй чабык иши кашкаят.
Чөп сезону бүтсө эгер тез эле,
Жыйноо иши күзүм келет күркүрөп.

Кышты билсең кар күрөйбүз кычырап,
Өчпөсүн деп кечиндеси шам-чырак.
Бороондору улуйт тынбай кар жааса,
Үйдөн чыкпай калабыз го үлбүрөп.

Мал карайбыз чөп салабыз койлорго,
Карабасаң ачка калат тойбойт го.
Жылкылар бар керек болсо тооктор,
Караш керек дем алуу күн болбойт го.

## АДАМДАР

Мээрим төгүп бири-бирине адамдар,
Алга сүрөп жол издешип кадамдар.
Бейпил турмуш жашоо жолун улантат,
Окшош экен бүт дүйнөгө аалам бар.

Канча жашаар убактысын билишпейт,
Жакшы сөздү анча мынча сезишпейт.
Акыл айтып акылдуусу сөз айтса,
Кыйын болуп кулагына илишпейт.

Бул дүнүйө заманаң да күн өтөөр,
Жашы өтсө ошол жандар бүт кетээр.
Айтып ошол артта калган күндөрүң,
Түштөн кийин өткөн күндү ал сезээр.

Көп жашадың дүнүйөнү чогулттуң,
Керек болсо калып калды колуктуң.
Кете бердиң баарын таштап ал жакка,
Сен билбедиң жашоо кыска болоорун.

Бул замандын жакшы жагын издейли,
Улуу-кичүү сыйлашалы сиз дейли.
Мүмкүндүгү жашоо өмүр беш күндүк,
Ажал келсе тандабайт дейт биздейди.

## ӨРҮК ГҮЛҮ

Өрүктөр да гүлдөп бүтүп баратат,
Айлар өтүп күн кечкирип таң атат.
Ар нерсенин ар башкача кыялы,
Жакшы күндө, жакшы маанай жаратат.

Мол береке мына август айынын,
Бышыкчылык, кененчилик тартуулап.
Баардык жемиш бышкан маалы эзилип,
Баба-дыйкан баалуу куржун артынат.

Түркүн кыям, шире даамы тартылат,
Кыш камына идиштерге сакталып.
Дасторконго койгон баарын жайнатып,
Кыргыз даамы келет дайым даңкталып.





## МЫНДАН АРТЫК НЕ КЕРЕК?

Аманчылык күндө басып жүрөсүң,
Шүгүрчүлүк маанай жакшы күлөсүң.
Ак жолунду ачып турган Жараткан,
Ошол сенин ишеничиң, тирөөчүң.

Шүгүрчүлүк кулак угуп, көз көрүп,
Алты саның аман болуп турган да.
Кандай аруу, кандай таза сезимдер,
Көкүрөгүң сугарылса ыйманга.

## ОЙ ТОЛГООЛОР

Ой толгоолор көкүрөктү өйүгөн,
Санаам санга оюм, онго бөлүнгөн.
Баары бийик кол жетпеген мейкиндик,
Кыялдансаң жакын болуп көрүнгөн.

Талап кылат талыкпаган эмгекти,
Мекениңе таза кызмат өтөгүн.
Бийик көтөр асабасын кыргыздын,
Ошол сенин эл ичинде өсөрүң.

Ой толгоолор омуроолоп оюмду,
Алыс учат канаттарын каккылап.
Жакшы тилек, жакшы ойлуу максаттар,
Жан дүйнөнү жадыраган жаз кылат.

## ЭШЕК ЭТИ

Эшекти экспорттоп кытайларга,
Эргулдар чыкты андан тапкан пайда.
Ким билет мүмкүн алып чыгып сатты,
Акмактар арам ойлуу базарларга.

Акча үчүн союп бүттү эшектерди,
Жасадың Кудайга да жакпаган иш.
Ээ кыргыз, эмне болуп баратасың,
Ата-бабаң андайга баспаган иш.

## АЛЫКУЛ

Ысык-Көлдү байырлап алп Алыкул,
Ысык-Көлдүн сырдашы сен Алыкул.
Жээгинде сыр айтып толкундарга,
Ысык-Көлдүн курдашы сен Алыкул.

Ак боз атың чапкылап көл үстүндө,
Шамал менен теңешип жарышасың.
Ыр дүйнөдө ордуң бар жоголбогон,
Сен Алыкул, чыныгы ырда падышасың.





## КҮҮЛӨР ЖАШАЙТ

Күүлөр жашайт кылымдардан кылымга,
Кереметтүү кыргыз комуз кылында.
Канчалаган ой толгоону багынткан,
Күүлөр-күүлөр уккулуктуу чынында.

Күүлөр жашайт ар бир кыргыз уулунун,
Көкүрөгү жандүйнөсү канында .
Күүнүн башы касиеттүү Камбаркан,
Таң булбулу сайрап ар бир таңымда.

Тогуз кайрык, Кыргыз көчү, Ак Бакай,
Сынган Бугу, Бала кербез, Маш Ботой.
Чертиле бер күү үндөрү жаңырып,
Кыргыз үчүн көз ирмемге токтобой.

## ДАРЫЯ ҮНҮ

Аккан дайра кирсе сүрдүү күрүлдөп,
Күчү менен баарын сүрүп агызган.
Күлүк аттай таноосунан буу чыккан,
Байге алган ал аламан жарыштан.

Кээде тынчсың уктагандай мелтиреп,
Сууга чумкуп кирингинди келтирет.
Жээгиндеги талдын тийген бутагы,
Жел жүргөндөй улум-улам желпинет.

Кайрылышта көбүктөнүп айланып,
Жайык жерде мөлтүрөйсүң жай барып.
Түн ичинде күзгү болуп жаркылдап,
Чагылышат көктөн жылдыз, ай барып.

## УЛУУГА УРМАТ

"Улууга урмат, кичүүгө ызат" - деген сөз,
Көптөн келген бабалардын насааты.
Жакшы ишке колуң сунсаң жардамга,
Карылардын тиет алкоо батасы.

Кичүүлөргө ызат кылсаң барктуусуң,
Бедел күтүп сый-урматтуу, нарктуусуң.
Төрдүн көркү опол тоодой ордуң бар,
Калыстыгың каадаң менен даңктуусуң.

Ар инсанга келет кары улуулук,
Мээрим төгүп тартуулаган жылуулук.
Адамзатка ал бир бийик даража,
Жан дүйнөдөн жарык чачкан сулуулук.

## ТООЛОР

Көгөргөн асманымдын булуттары,
Кемедей каалгып аздан алга жылган.
Мелжиген тоонун башын жиреп өтүп,
Көз ирмем убакытка токтоп турган.

Тоо койнун көркко бөлөп арча-кайың,
Көк тиреп учу бийик карагайдын.
Түркүн гүл, түркүн чөптүн жыты уруп,
Суулары обон салат өзөн-сайдын.

Коктудан түшкөн суулар тарам болуп,
Чагылат күн нуруна жаркылдашып.
Күмүштөй сайга келип куйган суулар,
Карасаң жылт-жулт этет көз уялтып.





## ТИЛЕК-ҮМҮТ

Ата салтын улап мурас кылабыз,
Уулдан-уулга, урпактарга сунабыз.
Кыз узатып, келин алып жашоодо,
Кичинекей мамлекет курабыз.

Көтөрөбүз үй-бүлөнүн байрагын,
Байыр алып ата-баба конушун.
Жылдан-жылга кылымдарга баруучу,
Кыргыз үчүн тарых баскан жол узун.

Улуу мурас үч кыл, үч тээк комузум,
Мукам үндүү сенин чыккан добушуң.
Тилек-үмүт күүлөрүнөн жаңырып,
Тыңшап-туям жүрөгүмдүн согушун.

## МИГРАНТ

Мигрант деп сыртта жүрсө атадык,
Жүздөрүнөн эч байкалбайт капалык.
Оор турмуштун, жумуш жоктун айынан,
Мекен калып чет өлкөдө жашадык.

Айлар менен жыл алмашып күн өттү,
Сыртта жүрүп ниет кылып тилекти.
Атам-апам аман жүрсүн дегендей,
Ак эмгекке иштеп түрүп билекти.

## ЧЕТ ЖАКТА

Иш үчүн сыртка баргандар,
Мигрант болуп калган бар.
Эмгектенип көп иштеп,
Тыйынды баалап тапкан бар.

Түбөлүк иштеп калган бар,
Жумуш изин тапкан бар.
Билип иштин жөн жайын,
Тыйын баркын билген бар.

Жакшы эмгек кылгандар,
Жумушсуз күндө калган бар.
Тегиз эмес жашоо шарт,
Эстен чыкпас күндөр ал.

## ӨНӨРЛҮҮ ӨЛБӨЙТ

Өнөрлүүлөр кор болушпайт билемин,
Бул жашоодо жакшы жашоо тилегим.
Мээнет кылып өз өнөрүн аркалап,
Жашоо жолун улантышат сеземин.

Жаш кезинде бир өнөрдү аркалап,
Кызыгышкан канчалаган санааркап.
Даңгыр жолду өнөр менен ал улап,
Өмүр жолун өткөрүшөт кыялап.

Өнөр болуп уланта алсаң кең дүйнө,
Биле албасаң жашооң сенин кор дүйнө.
Сен жаралдың келдиң кеттиң дүйнөдөн,
Билсең эгер жашооң сенин бал дүйнө.





## ЖАШТЫК

Бир кезекте жаш өспүрүм бала элем,
Эч нерсени түшүнбөгөн жан белем.
Азыр минтип элүү жаштын кырында,
Алга сүрөп мүдүрүлбөй мен келем.

Жыйырманы желкеледим билбедим,
Отуз жашты оттой жалын сезбедим.
Кырктын кырын жоргологен тез басып,
Элүү жашка жабышыпмын билгеним.

Өмүр сааты агып жаткан суу беле,
Артка кайтпайт суу ташкыны сел деле.
Ушул күнү ойго баттым ойлонуп,
Кеткен күндөр дартка дабаа барк беле.

## СЕН ТҮШҮН

Жыргап жашап убактылуу жүргөнүң,
Байлыгыңа ишенип сен күлгөнүң.
Жеткен жан жок дүнүйөнүн түбүнө,
Ачуу чындык калыстыкты сүйлөгүн.

Адам болуу ушунчалык кыйынбы,
Артык көрдүң, адилеттен тыйынды.
Каапырлардай журтка жасап мамиле,
Кетирдиң го кадыр-баркың, сыйыңды.

Алмашпагын абийириңди алтынга,
Эл уулу бол, күндөй жаркып жаркылда.
Коюн катып башка улутка баш уруу,
Болгон эмес уккун кыргыз салтында.

## БИР ТУУГАН

Атадан алтоо болсо да, ар жалгыздык башта бар,
Бир туугандай мамиле кыла алышпайт башкалар.
Жөлөп-таяп өйдөгө, чачып турган жарыгын,
Бекем болсо ынтымак, бийик турат арымың.

Бир туугандар ымалаш, үйүңөрдө кут болот,
Жалгыздыктан арылтып, жакшылыкка жуп болот.
Ага-эжең, карындаш, иниң баары табылбас,
Турмушуңа өбөктөш, колдоп конор куш болот.

Бир туугандар киндиктеш, жакшылыкта жар болсун,
Үйдүн өчпөй чырагы, ак өргөлөр шаар болсун.
Дасторкондор жайылган, бир үзүм нан чайыңдан,
Даам таткан ар убак, бир тууганың бар болсун.

## ТУУГАНДАР

Бир туугандар, эжелерим-агалар,
Жээндерим, бөлөлөрүм, тагалар.
Курбуларым, достор болсун баары аман,
Жандай көргөн коңшу-колоң, агалар.

Келин-жеңе, жезде-кайни, балдыздар,
Же миң жылдык алакалуу кудалар.
Ырыс-кешик тартууласа бирине,
Карым-катнаш ушулардан куралар.





## АКЫРКЫ КОҢГУРОО

Он жыл бирге эгиздердей ээрчишип,
Эми мына окуу күнүн аяктап.
Шыңгырады эң акыркы коңгуроо,
Окуучулук күндөлүгүн барактап.

Ниет кылып адистикти тандашып,
Ниет кылып эң жогорку билимди.
Бирөө врач, бирөө тилчи, мугалим,
Архитектор, самаган бар илимди.

Артта калып өткөн күндөр жаштыгы,
Убакыттын учкан куштай баттыгы.
Билим алуу билем кудук казгандай,
Бар болгула классташтар бактылуу.

## АДАБИЯТ КҮНҮ

Учуп мезгил канаттуудай учаар бат,
Алыкулдун өткөн күнүн утурлап.
Белгилейбиз адабият күнү деп,
Декабрдын он экиси чукулдап.

Адабият күнүн бүгүн белгилеп,
Жаш акындын эргүүлөрү төгүлөт.
Поэзиянын агымында жаштардын,
Көбөйгөнү көз сүйүнтүп көрүнөт.

Кайталангыс кайра келбес күндөр бар,
Адабият, тил өнүгөт билсең ал.
Үзүлбөсүн жакшылыктын жышааны,
Өз адабият, тилди бекем сактап кал.

## КӨР ПЕНДЕ

Биз кыргызбыз канга сиңген эт деген,
Сөз чыкпастыр эл айтканы тек жерден.
Тамак таппай ач калгансып уятсыз,
Айткым келди бир чындыкты бар деген.

Тандап алып улуксунуп жиликти,
Эмне мынча бир устукан бийикпи.
Тамагыңа ошол жеген сиңбесин,
Ойлободуң башка жашоо тирикти.

Пенде өлсө келет экен эт үчүн,
Бир тоём деп жарым табак аш үчүн.
Бышканын да, чийкисин да ал уурдап,
Жолго түшөт кыйраткансып эл үчүн.

Мен албадым атабады мага деп,
Ким жолукса жолдо айтат башка кеп.
Ашта, тойдо мейли кылсын кылыгын,
Адам өтсө, кошо өлбөдү этти жеп.

Бул жашоонун жаман жагын билгизет,
Жалпы журттун башын жерге киргизет.
Тамак үчүн жан дүйнөсүн тар кылып,
Башка элге жаман жагын тийгизет.





## ЖИБЕК ЖОЛУ

Түрдүү-түмөн тизмектешкен ар кыл жол,
Бириктирген түндүк менен түштүктү.
Күнү-түнү каттоо тынбай уланып ,
Унаа тынбай кербендердей чубалып.

Жибек жолу байлап чыгыш-батышты,
Үздүрбөй улап үзөңгүлөш катышты.

Ак мээнеттен мээнет кылып айдоочулар,
Кош колдоп кошо жүргөн коштоочулар.
Узак болгон Жибек жолду кыскартышкан,
Толтура го ар кыл түрү баштоочулар.

## ЫЙЫК КААБА

Ар бир жандын аткаруучу парзы бар,
Өмүрүндө ажылыкка баруучу.
Беш маал намаз окуу керек калтырбай,
Мусулманды жакшы жолго салуучу.

Шартың болсо байлыгыңды аябай,
Барчу жердин алысына карабай.
Барып келсең Ыйык Мекке шаарына,
Тазаланып жаңы туулган баладай.

Кутулуу шарт ажылыктан пенденин,
Ыйык Кааба зыяратка чакырат.
Аткарган соң мусулмандык милдетти,
Маңдайыңа чоң ажылык жазылат

## МУРАС

Ата-бабам мурас кылып калтырган,
Келе жаткан калкым каада салтыңдан.
Боз үй жасап, ээр чапмай жыгачтан,
Эпосторуң эл оозунда айтылган.

Эзелтеден мурасыбыз сакталып,
Муундан-муунга өткөрүлүп келатат.
Колдоп-коштоп жоготушпай мурасын,
Урпактарың жайып кенен кулачын.

Аксакалдын алып күндө дубасын,
Кабыл болсун үмүт, максат тилегиң.
Улуулардан улап улуу мурасты,
Кыргызмын деп согот менин жүрөгүм.

## АЙ-ААЛАМ

Кең ааламга көз жүгүртүп карасаң,
Бири-бирине турган өңдүү байланып.
Биз жашаган өмүр сүргөн жер шаарын,
Айым турат тегеренип айланып.

Түшүп кетпей топ жылдыздар көктөгү,
Турат неге түшүнүксүз кармалып.
Мейкиндикте каалгып жылган булуттар,
Шамал менен ары-бери айдалып.

Аалам төрү ай, күн жана жылдыздар,
Көз жетпеген кармалбас бир мейкиндик.
Баардык нерсе жипке тизген шурудай,
Жокко эсе жаратууда кемчилик.





## НООРУЗ МАЙРАМЫ

Жаңы жылдын жалпы элимде майрамы,
Кучак жайды нооруз күнү сайраны.
Калайык калк майрамдашат бирдикте,
Жакшы жышаан кубанычта эл шаңы.

Кошо келген жаз мезгили сапарлаш,
Жердин бети көк чөп чыккан аралаш.
Кел тосолу жаңы жылды бирдикте,
Көңүлүбүз куунак болуп катарлаш.

Майрамыңар жакшы күнгө улансын,
Жалпы элим майрам шаңга бөлөнсүн.
Жакшылыктар жакшы күнгө уланып,
Бул жашоодо аз болсо да барк алсын.

## АЯЛДАР

Эрте туруп мээнет кылган энелер,
Чай кайнатып үй шыпырган жеңелер.
Катарында кем калышпай иштешкен,
Өсүп жаткан кыздарыбыз сулуулар.

Үй жумушу түгөнбөгөн толтура,
Айымдарга дем алыш күн жок тура.
Күн өткөзүп тынымы жок күнүгө,
Ар кыл жумуш эсеби жок толтура.

Түркүн түстүү үйдүн иши ар кылы,
Күн артынан айлар жылып ар жылы.
Өтүп жатат билинбеген жашоолор,
Өмүрүндүн билинбестен жаш чагы.

## ГЕОЛОГ

Аалам төрүн геологдор изилдеп,
Кен байлыкты табыш үчүн издешет.
Түрдүү түмөн байлыктарды табышып,
Мээнеттерин актап анан келишет.

Кыргыз жери кен байлыкка толтура,
Чындап келсе бош жерлери жок тура.
Мекен үчүн камсыз кылып эл-жерин,
Эмгектенген геологдор бар тура.

Алтын сымап жер үстүндө таштары,
Көмүр кени башкалары каштары.
Айта кетсек толгон токой жерлери,
Эмгектенген кыргызымдын жаштары.

## БАК-ДАРАК

Айыл ичи толгон токой бак-дарак,
Түркүн түсү отурамын мен карап.
Карап көрсөң өзүнчө бир керемет,
Көп нерсени ойлондурат саматат.

Бак дарактын эрте жазда бүрлөдү,
Арасында ар кыл түрү гүлдөрү.
Ойлор кетет тээ алыска умтулуп,
Күндөр өтүп канчалаган түндөрү.

Эрте жазда бир чекеден гүлдөшөт.
Кечиндеси шамал жүрсө үндөшөт.
Мөмө түйүп ар бир дарак ар түрдүү,
Сырын айтып өздөрүнчө сүйлөшөт.





## КЛАССТАШТАР

Классташтар бирге окуган жалпыңар,
Баарың бирдей мырзалар же айымдар.
Бирге окуп өткөргөн биз бала чак,
Өттү жылдар кайталанбас жагы бар.

Сыймыктанам бирге окуган классташ,
Силер үчүн кышым күзүм күнүм жаз.
Менин сүйгөн эгер билсең өзгөчө,
Өттү кетти кайталанбас күнүм саз.

Өттү мезгил канчалаган убакыт,
Жакшы күндөр артта калып чубалып.
Келбейт кайра ошол күндөр кайрылып,
Классташтык күндү бекем туталык.

## ЖАЛГЫЗ КАЛУУ

Жалгыздык жан дүйнөмдү жаралаган,
Ыр менен мен жылдыздуу түнгө айттым.
Калемим колго алып арманымды,
Таңдагы нурун чачкан күнгө айттым.

Ойлуумун жалгыз өзүм ташта отурам,
Эл ортону мен элүү жашта турам.
Элиме  кандай кызмат өтөдүм деп,
Көз алдыма тартып баарын баш катырам.

Өткөндүн жакшы жагын ойлономун,
Жан дүйнөм омкорулат толгономун.
Оо Кудай, аткарылса экен деймин,
Мен самап, сенден тилеп болжогонум.

## ТААЛИМ-ТАРБИЯ

Муундарга тарбияны бере албай,
Таап айтып ынтымака келалбай.
Акыл-насаат үйрөтө албай жаштарга,
Үмүт өчөт жакшы үрөөн себе албай.

Ыйман болсо жан дүйнө да тазарат,
Дилиң менен ички сезим жашарат.
Аруу болсо ниеттери адамдын,
Кол жетпеген бийиктикти аша алат.

Жедеп көнгөн шылтай коюп заманга,
Көнгөн адат көңүл бузат жаман да.
Жок дегенде ниеттери түз болсо,
Ыйман-ынсап жашайт эле адамда.

## КҮН ӨТӨТ

Эртең менен таң азанда турсаң да,
Бирөөлөргө бал жашоону сунсаң да.
Өтөт-кетет учкан куштай убакыт,
Өмүр жолуң башка нукка бурсаң да.

Кармай албай убакыттын ченемин,
Айласыздан моюн сунуп келемин.
Ток этээрин тогуз толгоп кеп айтам,
Өмүр кыска туура жаша дегеним.

Эгер кылсаң аракетке-берекет,
Өмүр доорун жыргал менен сүрүп өт.
Жалган жашоо башың ийбе сыноого,
Муңайбагын тике карап күлүп өт.





## ТАГДЫР

Тагдырыңа жазып койгон болгонун,
Жорго салат токтоно албай ойлорум.
Өйдө-ылдый чуркайт анан түзөңдө,
Басып өтүп турмушумдун жолдорун.

Канчалаган өткөрөбүз мезгилди,
Саат менен жарышууда күндөрүң.
Айсыз, айлуу жылдыз жанган көктөгү,
Артта калды саналбаган түндөрүң.

Тагдырыңды таразалап ойлоп көр,
Көңүл жылып бирде көркөм бейиш төр.
Бирде албуут шарпылдаган толкуну,
Чоң дарыя ташкындаган деңиз-көл.

## БИР КЫЛЫМ

Кылым жолу ашуу болот жүз жылдык,
Ай айланган арбыбаган кадамдар.
Канча жылды багындырып келатат,
Доор сүрүп, доорон сүрүп адамдар.

Жакшы күндөр жакшы айга байлансын,
Ай тогошуп анан жылга айлансын.
Аалам жолун баскан менен адамзат,
Оо дүнүйө, сен баарыбир жалгансың.

Саат-убакыт күндөн кылым уланып,
Айлар өтөт мезгил толуп сыланып.
Бир кылымды көрүү үчүн адамзат,
Жашаш керек жүз жыл толук бил анык.

## АППАК КАР

Жердин бети толуп бүгүн ак карга,
Ак көйнөкчөн тал-теректер, бактар да.
Кереметி, коoздугу өзгөчө,
Көчө бойлой оюн куруп жаштар да.

Айлана бүт аппак карды жамынып,
Тоо баштары, ак шөкүлө тагынып.
Жаратылыш бир башкача өзгөрдү,
Табияттын таасирине багынып.

Кыш мезгили аяздуу кар, ызгаары,
Күн нуруна чагылышкан муздары.
Терезени түндө келип саймалап,
Кеткен өңдүү кышкы аяздын уздары.

## ЖАШТЫК КЕЗ

Ойго батып жаш кезекти эстедим,
Кайран жаштык сездим алыс кеткенин.
Ойго салды эргүү берген күндөрүм,
Көз ачкандай элүү жашка жеткеним.

Өттү жылдар мен да бала болгомун,
Оюн-күлкү  тамашага тойбодум.
Элестетсем кайрылбаган ал күндөр,
Дүбүртүндөй тээ алыста  жоргонун.

Кандай сонун бала курак жаш кезим.
Балалыкта баалуу болчу ак сезим.
Канчалаган билинбеген жыл кетти,
Баяндаган ырымдагы ак сөзүм.





## АДАМ ЖАНЫ

Жүрөгүм ооруп турат неге бүгүн,
Күтүлбөгөн жерден катуу сыгылып.
Пешенеге жазылганды көрөм да,
Калбастырмын алдан тайып жыгылып.

Адам жаны назик болуп гүл экен,
Жүрөк оору ойлондурган сүр экен.
Жарылчудай көөп барат тамырым,
Байланышып баардык мүчө бир экен.

Көз ирмесең талып ооруп карегим,
Жаны сыздап басылбады денемин.
Алаксытып ырым менен отурам,
Акырындап барып анан жеңемин.

## БЫЧАККА САП

Эр жигитче ишиңди кыла албасаң,
Тириликти тең алып кете албасаң.
Билгениңди билгендей күндө жасап,
Башкалардай болуп сен жүрө албасаң.

Эрте таңда тыкан болуп тура албасаң,
Досторуңдай шарактап жүрө албасаң.
Акча артынан эгерде күндө түшүп,
Ким бирөөчө мал базарга бара албасаң.

Жүйөөлүү себептерди чече албасаң,
Салтты сактап ак калпакты кийе албасаң.
Жарашпайбы жашоонун балын татып,
Жасанып аз өмүрдө сен жашасаң.

Туулдуң бычакка сап боло албасаң,
Бүлөңдө уул-кызды бага албасаң.
Кереги не эптеп эле күн өткөзүп,
Жашоонун даңгыр жолун сезе албасаң.

## ЖАШОО КҮН

Жашоо жолун пенде барат улантып,
Өмүр кызык өкүнтөт да кубантып.
Тагдыр берген сыноолордун ичинде,
Адамдардын мамилесин чыңалтып.

Жашоо турат миң кубулуп өзгөрүп,
Кучагында пенде күнүн өткөрүп.
Кыжаалат ой таразасы тагдырдын,
Тирүүлүктүн түбү терең кечмелик.

Кезектешкен жаман менен жакшылык,
Оор сыноону берсин Кудай аз кылып.
Аккан суудай токтобогон өмүрүң,
Жашообуз турсун дайым жаз сунуп.

## НАН

Бала кезим... ысык нанды талашып,
Каймак сыйпап, сары майга малып жеп.
Күч-кубатты дене бойго толтуруп,
Нан болбосо, ырда болбойт анык кеп.

Таттуу тамак тартуулаган таң дейбиз,
Түгөнбөгөн ырыскыбыз бар дейбиз.





Берекеси үйүбүздө төгүлгөн,
Дасторкондун көркү бышкан нан дейбиз.

Өмүр өзү ширин таттуу бал экен,
Жашообуздун гүл азыгы нан экен.
Токчулукту, жакшылыкты аруулап,
Нан бар жашоо баасы жеткис шаң экен.

## КӨРҮНҮШ

Кылган иши жүрөктөрдү канатат,
Ак үйдөгү чоңдор мансап талашат.
Байлык үчүн бараткандай бетсиздер,
Элди ойлобой алтын тоону самашат.

Калк башкарган ишенген эл чоңдоруң,
Манжаны кой, салды баардык колдорун.
Казынасын тоноп калктын бүтүрүп,
Кенге жеттиң кекиртектен тойбодуң.

Эл алдына жүзү жарык бара албай,
Элиталар эл добушун ала албай.
Айткандары беш жыл мурун шайлоо алды,
Кайдан барат жүрсө шылтоо таба албай.

## КЫШ МЕЗГИЛИ УЗАСА

Кыш мезгили өтүп-кетип баратат,
Жашыл жазым өз өкүмүн талашат.
Ала шалбырт, ак кар баскан талаалар,
Гүл оронгон жаз көктөмүн самашат.

Кышкы суктун кайтып аздан илеби,
Түрүнүп жаз түшөт жерге билегин.
Гүл жыттанып көркөмдөлгөн талаалар,
Жакшылыкты тартууласын тилегим.

Жазгы жамгыр көктөн тынбай төгүлүп,
Күн кулагы тоо тараптан көрүнүп.
Жердин бети түркүн гүлгө оронуп,
Жаз койнуна айлана да көмүлүп.

## ТЕЛЕФОН

Кимден келсе күндө алам коңгуроо,
Эх телефон, адат, оору болду го.
Жашоо жоктой күнүң өтпөй негедир,
Адамзаттын баарын байлап койду го.

Таза күндөр артта калган карасам,
Жаштыгыма ырда кайтып баратам.
Ак баракка алтын сөздөр жазылган,
Жан дүйнөдөн жакшы ырым жаратам.

Кат жазышкан заман артта калыптыр,
Мезгил өтүп суудай алга агыптыр.
Заман менен адам дагы өзгөрүп,
Жетишкендик өз жемишин тагыптыр.





## КЕМЧИЛИК

Кемчиликти кимден кана издедиң,
Анда кыш ай, бүгүн болсо күздөмүн.
Жакшы тилек, жарым ырыс эмеспи,
Суранаарым мамилени түздөгүн.

Токтободуң, айтканыңдан чыкпадың,
Жан дүйнөңдү бурбадың да укпадың.
Жакшылыкты баамдабай, жалаң жаман сөз айтып,
Көөдөнүң булгап сен өзүң, тескери жакты ыктадың.

Айтканыңа башкалар, аябай катуу ишенер,
Элим тандап баа берсе, мамилең сенин түзөлөр.
Каааларым сага жакшылык, орундалсын максатың,
Кемчилик кимде болбосун, кетирген катаң бүтө көр.

## ЫНТЫМАК

Ырыс алды ынтымак, ырк жоголсо чыр чыгат,
Адамдар бар сүйлөгөн, бой көтөрүп чымчыган.
Уруштуруп жандарды мамилесин талкалап,
Моокум алып ошондон, жан дүйнөсү тынчыган.

Шылтоо кылып заманга, жаман өнөр уюттук,
Кеткен намыс, ариет, касиети улуттук.
Кастарлабай кыргыздын барк-кадырын кетирип,
Кылымдардан келеткан каада-салтын унуттук.

Түздөп ниет-пейилди, ынтымакты суналы,
Чындык үчүн тикеден сынбай бекем туралы.
Таазим этип Мекенге, ар бир кыргыз атуулу,
Урпагыбыз Манастын, бирге кызмат кылалы.

## ЖАШОО

Өмүр сүрөм көңүл менден качса да,
Жан дүйнөмө ачуу нерсе батса да.
Кош көңүлдүк жанга жакпас нерсе экен,
Жашоо өтөт жүлүн сыздап жатса да .

Эл ортону элүү жашка жакындап,
Мезгил учуп алат экен такымдап.
Тээ алыстан алтымышың шыкаалап,
Ойногондой жаш курагым жашынмак.

Турмуш татаал жакшы-жаман аралаш,
Өткөн жашын адам уулу таба албас.
Тообо кылам тирүүлүктө жан үрөп,
Жашаганга пенделерге катарлаш.

## МАЛ ЖАНДЫК

Кыштын күнү алектенип мал карап,
Чөптөн салып адатым ал байламак.
Жылкы-койду, эчки жана уйларды,
Түштө бир маал сайдагы суугa айдамак.

Жакшы жагы айран, сүтүң, каймагың,
Ден соолука ичсең-жесең пайдалуу.
Даамы кетпей таңдайымдан татымы,
Бал кымызы жайлоодогу жайдагы.

Ата-баба мал киндиктүү ээлтен,
Учун улап, үзбөй багып аягын.
Кыргыз эли жакын болгон мал менен,
Ушул ырда сүрөттөгөн баяным.





## ЧЫНДЫК

Чындыкты чыркыраган жаза албадым,
Чындыктын бар төгүнүн ача албадым.
Чындыкты чыркыратып кууруп атса,
Чыдабадым, чын эле жата албадым.

Чычалап жаман жагын бетке айтсаң,
Чыга калат өзүнө каршылашып.
Чындыктын аягы бар түгөнбөгөн,
Чырактай жылуугун турган чачып.

Чындыктын барын пенде илип туруп,
Чычалайбыз көөдөндү тилип туруп.
Чыйрыктырган чындыкка ачууланып,
Чечкиндүү кеп айтпайбыз билип туруп.

## ТАМАК ДААМЫ

Түрдүү тамак жасайт ашпоз айымдар,
Таңдайыңдан деле даамы кетпеген.
Беш бармагы, гүлчөтайы кыргыздын,
Көркке келет кошулган ал эт менен.

Жөргөм-чучук, сүт куюлган олобо,
Кымыз-шорпо ал ак серке аталып.
Кылкылдаган эти кайнап казанда,
Кыргыз даамы кылымдардан таза анык.

## АЧ ЭЛЕ

Ошол күнү ачка эле бир адам,
Билбептирмин анын өткөн күндөрүн .
Баамымда жакшы эле жашоосу,
Эл катары эмгек кылып жүргөнүн.

Туугандары жок экен да жөлөгү,
Жалгыздыкка чындык адам көнөрү.
Кача албайсың, Кудай жазган тагдырдан,
Түгөнбөсө ичкен суусу, көрөрү.

Жашоо өтөт күндөгүдөй уланып,
Өмүр өзү саат, мезгилден куралып.
Мына ушундай пенделерге келгиле,
Жардам сунуп чоң жакшылык кылалык.

## БАЛА ДЕП

Бала деп согот жүрөгүм,
Баласыз болбойт түнөгүң.
Балалуу үй базар дейт,
Байлыгы бала бүлөнүн.

Баласыз өмүр караңгы,
Ээритет деми адамды.
Наристе үнү жаңырып,
Үйүңдүн ичи аалам бу.

Өмүрүң кыска бир келет,
Бакытың бала бил демек.
Бооруңдан чыккан балаңды,
Боздотпой баалап жүр демек.





## АППАК КАР

Кыш башталды жердин бети аппак кар,
Айлананы аппак кылды каптап кар.
Бир жылдары эрте түшкөн себелеп,
Быйыл жаады декабрда аппак кар.

Сүйөм жердин аппак болгон карларын,
Сүймөнчүктүү чана тепкен балдарың.
Сыртка чыкпай жакшы сөздөн кеп козгоп,
Үйүң шаңдуу болсо кемпир-чалдарың.

Кандай сонун кар атышып ойногон,
Жаш кезекти эстеп күндө козгогон.
Эшигинде эрте менен кар күрөп,
Элим аман жашоо жолун болжогон.

## СЫЙ-УРМАТ

Убакыт жылып жатса саат менен,
Сыйлашып жашаганга эмне жетсин.
Өмүрдүн чуулгандуу ойго салган,
Оору-сыркоо ар бир жандан алыс кетсин.

Өмүрдө өксүк көрбөй жаша дешет,
Жан дүйнө сезимдерде таза дешет.
Кудайым канча жашты берсе дагы,
Жакшылык жасаган иш жанга эсеп.

Сый урматтын жакшы жолун биле албай,
Эли менен даңгыр жолдо жүрө албай.
Аркыл болот мүнөздөрү инсандын,
Миң ойлонуп айткан сөзгө тил албай.

## КУБАНЫЧ

Кубанычым күндөгүдөн башкача,
Жан дүйнөм да тамчы суудай таптаза.
Ар бириңе ачык айтсам сөзүмдү,
Түз айткыла кулк-мүнөзүм жакпаса.

Таңкы маанай жакшы сөздү белендеп,
Ар бириңе ачык көңүл берем деп.
Жакшы ойлосоң баары жакшы оңолот,
Сөз каймагын тандап гүлдөй терем деп.

Тең бөлүшөм тапкан дүйнө мүлкүмдү,
Кубанычта жүрөгүмдө түркүн күү.
Жаздым ырга эргип турган жан дүйнөм,
Сүйүүнүчтүү сезимдеги сүртүмдү.

## ТААРЫНЫЧ, КУБАНЫЧ

Жан дүйнөмдө жашап келген таарыныч,
Узак жолго чыксам журтту сагынып.
Эмгектенип келсең иштеп сырт жактан,
Айылымдын өктөмүнө багынып.

Таарынуулар адамзатта болбосун,
Жаратканым өзү кана колдосун.
Алыс болсун адамзаттан жамандык,
Кут-береке болсун курдаш, жолдошуң.





## ЧОҢ БУЛАК

Айылымда тээ илгертен чоң булак,
Оргуп чыгат жер алдынан шылдырап.
Өзгөрүү жок мөлтүрөгөн суулары,
Агып жатат айлар өтүп, жыл курап.

Жайдын күнү өтө муздак ичкенге,
Бир ууртам суу кана түшөт моокумуң.
Мөлтүрөгөн муздак булак суулардын,
Уксаң сонун керемет үн шоокумун.

Касиеттүү дартка дабаа жагы бар,
Көз уялтып, күндүн нурун тагып ал.
Чагылышса көз уялат кароодон,
Күмүш-алтын суусу менен агып ал.

## УБАКЫТ

Жаштык курак калдым көрүп сүрөттү,
Жылдар жылып, жарым кылым күн өттү.
Убакытты пайдаланып биле албай,
Ойго баттым кайгы басып жүрөктү.

Жаштыгыма кыялданып барамын,
Өткөн күндү кайдан кантип табамын.
Сүрөттөгү тээ балалык чагымды,
Көпкө чейин көзүм албай карадым.

Жашым келип элүү жашка таянып,
Бубак басып кара чачтар агарып.
Жаштык кезим өттү жылдар азыр жок,
Ал ортосу жарым кылым аралык.

Мейли бассын чачтарымды ак бубак,
Элүү жаштын мен кырында жаш улап.
Эргүү келсе төрт сап ырым жазамын,
Калем менен жакшы дилден ыр курап.

## МУГАЛИМ

Билим берип жаш баладан баштаган,
Мугалимдик кесип даңктуу талбаган.
Тамгаларды окуучуга үйрөтүп,
Жан дүйнөсүн билим үчүн арнаган.

Ааламга жол айыл жерден башталат,
Билим алып өсүп чыгат жаш канат.
Илими бар, билими бар атуулдар,
Акыл менен ай-ааламды башкарат.

Доктор, юрист жана башка кесиптер,
Анын баары мугалимдин эмгеги.
Окуучудан чыкса чыгаан инсандар,
Эмгек кайтып ага-эжейдин жеңгени.





## СЕНИН ДЕМИҢ

Сенин демиң эргүүнү бербедиби,
Түркүн ырлар өзү эле келбедиби.
Бул дүйнөгө сен үчүн жаралгандай,
Сүйүү ырын калемим тербедиби.

Сенин демиң дүйнөмдү бийлеп алып,
Ырларымды комузга күүлөп алып.
Арабанын атындай сапар алам ,
Эмгегимди ыр жазган сүйрөп алып.

Күн артынан ээрчишип жылдар жылат,
Сенин демиң мен үчүн мөлтүр булак.
Өмүрүмдүн күндөрү обон  салып,
Бир өзүңө жүрөктөн ырлар чыгат.

## ЖАШАЙМ ДЕП

Ар ким тилейт узак өмүр сүрүүнү,
Көрөт Кудай маңдайына жазганын.
Шүгүрчүлүк кылуу керек адамзат,
Күндө көргөн жашоосунун ак таңын.

Алтымыш жаш пайгамбардын курагы,
Өмүрүнүн күйүп турган чырагы.
Жетимиши жашоосунун жемиши,
Сексен жашы төрдө отурчу убагы.

Токсонун да тойбой жүздү самаган,
Өткөн чагын кусаланып караган.
Жашка тойбой турат экен адамзат,
Жүзгө чыкса дагы жашты самаган.

Күндөн-күнгө таарынганы көп болуп,
Түр көрсөтүп айырма жок балада

## БУЙРУК

Жан кашайтат кээде берген буйругуң,
Жан кейитип ачуу сөздү айтасың.
Аткан октой жүрөгүмө сайылат,
Болду токтот тилди качан тартасың.

Уулуу сөзүң мен угууга алым жок,
Алып барып жамандыкка такайсың.
Кудай берген ырыскыга шүгүр деп,
Тобо кылып, качан бейпил жашайсың.

Баары жетет болсо көңүл ток пейил,
Ниет түздө, ар бир пенде колунда.
Кайдан мындай ачуу сөздү табасың,
Айтчы деги эмне бар дейм оюңда.





## ТАГДЫР

Канча жылдык сүрүп аткан өмүрүң,
Күндөй ачык болсун пенде көңүлүң.
Артта калган басып өткөн жолдордун,
Таразала чындык менен төгүнүн.

Өткөргөн күн далай тагдыр сыноосун,
Өрт алышкан жакшы күндөр эсимде.
Көз алдыма тура калат кадалып,
Сүйүү жашап дем-күч берген сезимге.

Мен кайрылып жаш чагыма бара албайм,
Өттү-кетти издесем да таба албайм.
Тагдыр салган сапар алам жол менен,
Өлбөс болуп бул дүйнөдө кала албайм.

## АСМАН

Асман бийик ага неге жете албай,
Калдым неге жер бетинен кете албай.
Бул жашоонун жакшы жаман жактары,
Ызаланам кээде далдоо таба албай.

Өмүр бизге мынча кыска бергенби,
Кыйналып өт турмуш ушул дегенби.
Айырмалап жакшы жакка умтулуп,
Эстеп калам маркум атам-энемди.

Жашоо кызык ачкасыңбы токсуңбу,
Бүгүн жашап мүмкүн эртең жоксуңбу.
Акылыңдан жаза басып тайысаң,
Бир күн келип ким бирөөгө корсуңбу.

## ЖАЗ ЖАМГЫРЫ

Жамгыр жаап жаз да келди жадыраган,
Жердин бети кызыл ала гүлдөр жерге жайнаган.
Өмүр гүлү жаңы жашоо башталып,
Байчечекей жытын иске сен да быйыл жаңыдан.

Калайык калк кандай сонун карасаң,
Адырларын айылдарын санасаң.
Сулуулугу наристелер башкалар,
Баардыгы бар дагы эмне кааласаң.

Жакшы жашоо элдериме суктанам,
Мен суктанбай башка нерсе не кылам.
Жеткизе албайм түшүндүрүп башкага,
Мен элимден мен жеримден айланам.

## ЗАМАНДАШ

Кейибечи бул заман өтүп жатат,
Кайгырбачы окунбачы ачып барак.
Бул замандын акырет чындыгында,
Токтобостон өмүрүң өтүп барат.

Беш-он күнүң минутага тете болуп,
Алмашуулар канаттуудай алга согуп.
Токтотууга мүмкүн эмес убакытты,
Эрте чыккан гүлдөрүң кеч бир соолуп.

Артта калды алты жашар бала чагың,
Мектеп жашын окуган убактарың.
Канча жашка келгениңди өзүң билбей,
Каласыңбы билбестен замандашым.





## УБАКЫТ

Канчалаган өтүп жатат убакыт,
Айың жылың билинбестен зымырап.
Жашоо жолун жашап жаткан тирүү жан,
Тагдыр жолун улантабыз биз улап.

Өткөн жаштык жашаганың дирилдейт,
Өмүр өтүп убакыт саат сезилбейт.
Токтотууга мүмкүнчүлүк зар болуп,
Кетип жаткан өмүр саатың билинбейт.

Ниет кылып токчулукка баралы,
Ден-соолукта күндө жашап туралы.
Жакшылыктар ашып толуп күнүгө,
Барчылыктын гүл өмүрүн куралы.

## ЭРГҮҮ

Эргүүм келсе токтобой төгүлөмүн,
Эргүү берген ырларга көмүлөмүн.
Эргүүм деңиз толкуну токтобогон,
Элжиреймин, эзилемин, көмүлөмүн.

Эргүү деп ой-максаттуу кыялдандык,
Эргүүдөн эрк, шык талант алдык.
Оюбуз-кыялыбыз ишке ашып,
Жан дүйнөдө жаралды жаратмандык.

Эргүү деп алыстадык жаман жолдон,
Эргүү деп достор күттүк алып колдон.
Алп акын Алыкулдун жолундабыз,
Ысык-Көл кучак жайып курдаш болгон.

## МАРКУМ АПАМА

Азыр жоксуң бирок баары эсимде,
Акыл-насаат кебиң айтып кечинде.
Үйлөп-жайлап, жайгаштырып уул-кызды,
Апакебай, өзүң тирүү кезиңде.

Тирүү кезде кадырыңды билбепмин,
Мээрим чачып айткандарың илбепмин .
Таштап бизди кетериңди ойлонбой,
Тамаша чын оюн көрүп сүйлөпмүн.

Айткандарың көкүрөккө түйбөгөм,
Энекебай, мээнетиңе күйбөгөм.
Оо апаке, кечир ошол уулуңду,
Сенин айткан сөзүң менен жүрбөгөн.

Жан дүйнөм эстегенде ыйлап-сыздап,
Кайгырткан күндү эстесем көңүл муздап.
Айла жок өткөнүмдү кайрый албайм,
Миң ирээт айткан менен кимдер укмак.

Убагында жан дүйнөмдү бүтөр элең,
Уул-кызыңдын кылыгына түтөр элең.
Аярлап жаман жолго жибербестен,
Жолубузду жакшылыкка түзөр элең.

Айткандарың билген жанга акыл эле,
Бизди таштап, апаке кеттиң неге?..





## МАРКУМ АГАМА

Акыл айткан агам элең кеменгер,
Бир тууганым ата ордуна тумарым.
Калып калдым ээнсиреп мен жалгыз,
Баарын таштап, эрте аттандың кубатым.

Жаш өмүрүң алтымышка жетпеди,
Таш боор ажал алып сени кеткени.
Эңшерилип дүйнөм түгөл болбостур,
Эми агам, өзүң жүргөн кездеги.

Акыреттин босогосун аттадың,
Кара жерди жаздык кылып жаздандың.
Уул-кыздарың жоктоп ыйлайт зыркырап,
Баарыбызды ага, неге таштадың?

Эл-журтуң сени узатып боздоду,
Ордуң толбос карааныңды жоктоду.
Шашылууга эмне себеп болду экен,
Сууң түгөнүп, соккон жүрөк токтоду.

Унутулбай калды го элестериң,
Адыр ашып жашаган белестериң.
Жакшы жагың унутпайт, эсте калат,
Тууган-урук, колу-коңшу, ага-элиң.

Мейли жат, жаткан жериң жайлуу болсун,
Топурагың торколуу майлуу болсун.
Алган ордуң агатай, бейиштеги,
Жайлуу болсун агатай, жайлуу болсун.

## ЖАЛПАК-ТАШЫМ

Жалпак –Ташым, атыӊа затыӊ жарашкан,
Кен байлыгы бүт эл аалам карашкан.
Ташыӊ байлык башка дагы кендериӊ,
Айта албаймын миӊ сан элим тааныган.

Көмүр кени Алдиер тоо астында,
Жетилсе эле ачылат дейт жакында.
Нефти кенин изилдешип жатышат,
Мындан башка тилек үмүт башкада.

Байлыгы бул Жалпак-Таштын кендери,
Жакшы жашоо элдеримдин тилеги.
Кыштын күнү жазыбы же жайыбы,
Иштермандын күчкө толсун билеги.

Жайлоолору Султан-Супа, Ийри-Суу,
Андан башка Дарбаза-Бел, Торгою.

Малыӊ менен жайлоологон күндөрүӊ,
Жакшы жашоо минип алып жоргону.
Курбу деген эс алуучу жерибиз,
Жаз айында жылда чыгат элибиз.
Роза гүлү жайнап өсөт кып-кызыл,
Теӊ бөлүшүп ойноп-күлүп кетиӊиз.





## ЖАЙЛООДО

Эс алганы жайлоого,
Чыгып келсеӊ сонун да.
Таза абадан дем алып,
Жүрсөӊ тоонун койнунда.

Бышылган кымыз саба да,
Миӊ ооруга дабаа да.
Каймак-май, сүзмө куруту,
Уй кымыз, жарма жана да.

Чалкалап шибер бетинде,
Ак чөлмөк ойноп кечинде.
Жылдыздар жакын көрүнөт,
Жайнаган асман бетинде.

Жүгүрүп үйүр жылкылар,
Желеге келип кишенеп.
Сайгактап чуркап музоолор,
Кыялы деле сүзөнөк.

Ийининен чыга калышып,
Ышкырып суурлар этекте.
Суу ташып балдар каткырып,
Өзөндөн ылдый кезекте.

Жыты уруп жапайы арчанын,
Искесеӊ мурун өрдөгөн.
Карагат терип жаш балдар,
Тоо таяп, жылып төрдөгөн.

Төрт мезгил келип бир күндө,
Түндөгү жамгыр кар болуп.

Күн чыкса жазга айланып,
Түш оосо, кайра жай болуп.

Ырдасаң үнүң кайталап,
Алыстан тоолор жаңырып.
Эсиме түштү ошол күн,
Жайлоону турам сагынып

### ЗАМАН

Баш этеги толук сап,
Маани берип окуу шарт.
Уккун айткан акылды,
Билсең атка така как.

Апаат элде болбосун,
Аллах калкты колдосун.
Ажал келип күн жетип,
Жаман күндү көрбөсүн.

Бул күндөр да кетээрин,
Акыл калчап ойго сал.
Алыс болсун оору дарт,
Сайрап келген кемпир-чал.

Жаман сөздөн сүйлөбө,
Күч алдырып күүлөбө.
Ортосуна от жагып,
Жалын чокту үйлөбө.

Эсен-аман элим тынч,
Жакшы күндөр көп болсун.
Болот жакшы күнүбүз,
Кут-ырыскы нур толсун.





Шарактаган күндөрүң,
Артта калган көрүнөт.
Жакшы айтар сөздөрүң,
Айтсаң жанга төгүлөт.

Каяша сөз тапчу элең,
Менменсип күндө басчу элең.
Нанды жаппай үйүңдө,
Базардан сатып алчу элең.

Камырды жайбай калганбыз,
Базардан баарын алганбыз.
Жалкоолукка берилип,
Кафеден тамак татканбыз.

Азыраак тыйын батпаган,
Сырт жактан ашты жалмаган.
Калганбыз көчө биз таптап,
Үйүндө эч ким турбаган.

Жашоо түздөйт оң солду,
Жан күтпөгөн күн болду.
Батып элдер санаага,
Ар инсанга ой толду.

Ниетиңди түздөгүн,
Жашоодон үмүт үзбөгүн.
Эгер сезсең бул сабак,
Мазактап жанды күлбөгүн.

Бирөө бербейт сабакты,
Күндөлүк керек жаракты.
Жакшы дилде жашагын,
Тең бөлүшүп тамакты.

Дүйнө эли дүңк этти,
Ажалы жеткен жан кетти.
Билип билбей биз айтып,
Токтотподук ар кепти.

Кылымдап жашап келген эл,
Кыргызды албас катуу сел.
Кыйшайбай өмүр өтөгөн,
Көчмөн болуп ашып бел.

Жашай турган калкым бар,
Эч болбосун көңүл тар.
Өтөөр кетээр бул күндөр,
Ээригендей аппак кар.

Элүү жылда эл жаңы,
Кылым өтсө жер жаңы.
Акыл калчап жашайлы,
Күндүн болсун ак таңы.





## ЖАШОО ӨМҮР

Араздашпай адашпай,
Биз түшүнсөк адамдай.
Жалааны жаап бирөөгө,
Болбо башка жамандай.

Жаралгансың жашоого,
Ачуу чындык жашоодо.
Билгиң келсе өмүрдү,
Көңүл бургун жашооңо.

Сен да адам бир инсан,
Ал да сендей жаралган.
Жакшы-жаман билбейсиң,
Мүмкүн жакшы ал адам.

Сен өзүңдү ондогун,
Ал инсанды коргогун.
Ою болсо жамандык,
Тең талашчу болбогун.

Өзүңдү кой ордуна,
Сен ошондо билесиң.
Жакшы-жаман кадырын,
Баштан өтсө сезесиң.

Жакшы жаша каралдым,
Кайдан келдиң жаралдың.
Кетет-өтөт көр турмуш,
Жашоо күндү барктагын.

Жашоо үчүн тынбадың,
Күч келгенде ыйладың.

Жакшы күнгө эрээркеп,
Кубат алып ырдадың.

Келдиң, кеттиң тар дүйнө,
Азап тартып жан үйбө.
Убактылуу меймансың,
Жашап жаткан сен үйдө.

## АРАК-ШАРАП

Баштасам кепти арактан,
Ачык бир болгон шараптан.
Тартымдуулук күчү бар,
Ичкен сайын саматкан.

Чыкты эле арак каяктан,
Атасын уулга сабаткан.
Шариятта жок нерсе,
Жактырбай турган Жараткан.

Иштебей тыйын табылган,
Ичкендер жолдон жаңылган.
Жүздү эле ичем болот деп,
Балээге барып кабылган.

Дүкөндө арак толтура,
Андайда достор мол тура.
Айланып кетпей жаныңдан,
Акчалуу жанга той тура.

Адашып жолдон арбаган,
Ичкендер андан танбаган.





Күнүмдүк болгон бул адат,
Айлантып барып алдаган.

Бок болуп чыгып сөздөрүң,
Аңтарылган көздөрүң.
Аттиң арман куу арак,
Канча жанды өкчөдүң.

Чырдын башы аракта,
Сөз укпай акыл каякта.
Жооп бербей калат өзүнө,
Мээ иштебей калат да.

Кагыштырып карс этип,
Каткырганың курусун.
Тугандарды жат кылып,
Кичүү кылып улуусун.

Жакшы жолду тандагын,
Жаман жакка барбагын.
Өмүр кыскаченелүү,
Жакшы жаша калганын.

## ЖАШОО

Жакшы же жаман ылгабай,
Жаз менен келип жайма жай.
Жугуштуу оору таркады,
Жаш-карыга карабай.

Кадамын шилтеп элге бат,
Каргаша болду оору дарт.

Калк ичинде жүрүүгө,
Кара жаның аманат.

Оорукчан пенде башында,
Оопатын тартаар азабы.
Оодарылып мерт кетти,
Ошончо саны карачы.

Бүгүн элге жар салып,
Башты да байлап түк катып.
Бекитип чулгап ооз мурун,
Бет капты кийип бөз жанып.

Ааламда заман башка эле,
Апааты келген өңдөнөт.
Аш-оокаттын айынан,
Айланган элдер көрүнбөйт.

Кадырдан заман башка эле,
Көрүштү элдер тез эле.
Көйгөйү болуп сарсанаа,
Көмүскө өтүп күн деле.

Калкымда болуп кадыр жок,
Калп эле күлүп көңүл ток.
Көрө албастык ичи тар,
Калышкан элдер күйүп чок.

Үйлөрдө бышпай тамагы,
Үйүлүп кафе барганы.
Үлпүлдөп четте эс алып,
Үзүлдү азыр сапары.





Байларга вирус барбады,
Башына ооруу салбады.
Баягы эле кембагал,
Байкуштар гана кыйналды.

Чек ара калды жабылып,
Чет элде кыргыз кагылып.
Чыркырап үнүн ким угат,
Чындыкты айтса жалынып.

Жетишпей азык-түлүгү,
Жардамга муктаж күнүбү.
Жанаша келген вируска,
Жараткан берсин үмүттү.

Черттим мен ооруу казалын,
Чыйрыгып тарткан азабын.
Чын дилден ырдап турамын,
Чиновник сезбей талабым.

Карыткан кыргыз кылымды,
Кайраттуу элбиз чыдамдуу.
Каныбыз таза Манастан,
Кайгыны жеңип намыстуу.

Таажы вирус таркатаар,
Каныбыз таза кайраттуу.

## СҮЙЛӨГҮЛӨ

Сүйлөгүлө аруу жандар, сүйлөгүлө,
Мендей жанды сүйүп калып жүрбөгүлө.
Араңарда болсо эгер мага ылайык,
Белги берип калем сапты түздөгүлө.

Кеп тыңшаган кулакты түрбөгүлө,
Мен жок жерде талкуу кылып күлбөгүлө.
Сүйүп калсаң ачык айтып эртең менен,
Кечке чейин болгон сөзду сүйлөгүлө.

Сүйлөгүлө аруу жандар, сүйлөгүлө,
Азап чегип бир мен үчүн күйбөгүлө.
Анча-мынча айтып койсом ачуу чындык,
Көңүлдөргө мындан кийин түйбөгүлө.

Аруу жандар, сүйлөгүлө, сүйбөгүлө.
Сүйүүңөрдөн аз да болсо үйлөгүлө.
Чанып кетсем ошол күнү мен жактырбай,
Менден кача алыс кетип жүрбөгүлө.





## БӨБӨКТӨР

Балдай таттуу ширин болгон бөбөктөр,
Үмүт берген жашообузга жөлөктөр.
Силер менен биз жашайбыз чыйралып,
Өмүр жолун улаганга себепкер.

Уул-кызды бапестедик өстүрдүк,
Эркелетип эрезеге жеткирдик.
Бала жашоо, бала өмүр маңызы,
Жашообуздун жарыгы да деп билдик.

Өмүрлөрү узун болсун бөбөктөр,
Тилдери бал, бул жашоого тирегим.
Өмүр берсин урпак улап чоңоюп,
Бар болгула менин каалоо-тилегим.

## ӨМҮР КЫСКА

Арабызда жакшы сөздөр болсо экен,
Жүрөктөргө ыйман нуру толсо экен.
Сүйүүңөрдү арнагыла чын дилден,
Бакыт куш, тууруңарга консо экен.

Аялзаты эне кымбат баарынан,
Катуу кетсем мүмкүн сөздөн жаңылам.
Жакшылыкты арнап күндө аларга,
Колдон келсе тургум келет жаңыдан.

Биз жашайлы бул дүйнөдө жадырап,
Жашоо кыска көңүлдөрдү дарылап.
Сый-урматта биз сыйлашып жүрөлү,
Бул өмүрдөн, кеткичекте кол булгап.

## АР КЫЛ ОЙ

Элесимде жалгыз дарак буралган,
Ой санааңды катып турчу суранам.
Ар инсандын мезгил талап жашоосу,
Күлүп турсаң аз да болсо кубанам.

Жаралгансың бул жашоого жашайм деп,
Сөздөр болмок сен сүйлөсөң жакшы кеп.
Жан дүйнөнү төмөн жакка биз буруп,
Жан дүйнөбүз эмне болбой калган бек.

Түшүрбөйлү адам инсан көңүлүн,
Биз тилейли ар бир жандын өмүрүн.
Келген өмүр канча күндүк белгисиз,
Жакшы жаша ачык болуп көңүлүң.

## ЧАБАТЫ

Апам жапкан  дандырдагы ысык нан,
Жегин балам, ачка болот курсагың.
Мээрим төккөн эркелеткен сөздөрүн,
Кулака илбей далай ойноп чуркадым.

Айткан сөзүң күмүш сырга турбайбы,
Айткандарың укчу эмес экенмин.
Азыр болсо  насаат айтар өзүң жок,
Кенже уулуң тирүү апа, эсенмин.

Акыретке кеттиң апа келбейсиң,
Канча жылдар өттү кезип ааламды.
Ууз сүтүң актай албай калдым мен,
Кечир апа, эссиз эрке балаңды.





## КЛАССТАШТАРЫМА

Сүйүүнүн дастан азабын,
Саптарын чындык жазарым.
Эстесем классташ кыздарды,
Купуя сыр ырда ачамын.

Баарыңар сулуу келишкен,
Ак бантик, фартук эгиздей.
Болсоңор кана жанымда,
Жоксуңар кайда дегизбей.

Кетсе да менден жаш курак,
Сүйүүдөн жазам сап улап.
Сүйөмүн дилим көңүл ак,
Эстесем күйүп ыр курап.

Классташ курбу кайрылдым,
Жалындуу жаштык курака.
Күткөндөн күндө жадабайм,
Келгиле жаштык булака.

Алтындай асыл курбулар,
Айылдан таппай кашаям.
Жолуксак эстеп жаштыкты,
Сүйүүдөн талбай жашарам.

Ак-Терек маңдай айылым,
Күтүүгө жетпей сабырым.
Үч-Капчал жакын кошуна,
Сездимго журттун кадырын.

Туз-Белде болуп сабагым,
Жашаган өскөн Аралым.
Болгон экен жакшы убак,
Күн сыңар ачык кабагым.

Сүйүүлөр болгон кезинде,
Жолугуп мектеп четинде.
Убакыт анда тар болуп,
От күйүп аруу сезимде.

Чачылып таркап кеттиңер,
Ой максатка жеттиңер.
Алмашып айлар жыл болуп,
Жаштык жок, эми тестиер.

Бар экен жашоо бактыңар,
Турмуштан уул-кыз таптыңар.
Небере сүйүп жүзүнөн,
Элүүдөн дагы аштыңар.

Жашап бир жаткан күн убак,
Жашоонун доорун сүр улап.
Кайрылып келбейт өткөн кез,
Жакшы күнгө жыл курап.

Сүйөмүн калбай бириңди,
Жуудуруп салгам киримди.
Классташ кыздар табылбас,
Кор кылгым келбейт билимди.





## ПЕНДЕБИЗ

Дүйнө кезип байлык, мансап тапсак да,
Күн өткөрүп эмгектенбей жатсак да.
Биз пендебиз жаралганбыз ааламга,
Жашоо үчүн коңгуроону каксак да.

Жүз миңдеген мал жандыкты баксак да,
Кабат кылып үйдү бийик, салсак да.
Жаралганбыз адам болуп дүйнөгө,
Атак-наамды эмгек үчүн алсак да.

Көк асманда булут жиреп жүрсөк да,
Жылдыз болуп көк асманда күйсөк да.
Жашоо өмүр убактылуу беш күндүк,
Жанды үрөп бул өмүрдү сүйсөк да.

Насип кылса болот баары билбедик,
Жакшы сөздү күндө уктук, илбедик.
Тириликти биз уланткан адамзат,
Насаат айтса жаман айттык, тилдедик.

## ЖАШАЙМЫН

Жашаймын байлык эмес намыс үчүн,
Жашаймын дүнүйө эмес балдар үчүн.
Жашаймын өмүр сүрүп жашоо улап,
Күн тоскон шүгүрчүлүк таңдар үчүн.

Жашаймын жакшылыктар болсо экен деп,
Жашаймын кулак салбайм ээрчисе кеп.
Жашаймын ал сөздөрдү эске салбай,
Жашаймын элим үчүн кылып эмгек.

## АРТЫП АЛЫП

Баратам турмуш жолун жолго салып,
Жан дүйнөм кайгы-муңга жараланып.
Ыр жазам эл-журтумду күндө эстеп,
Амандыгын эртели-кеч кабар алып.

Тоонун мөлтүр, аккан суусун жазам,
Айланып айланчыктап айга барам.
Термелеп жакшы сөздүн гүлүн терип,
Кулпурган жаратылыш жайга барам.

Жашоонун жакшы күнүн жазып калып,
Жандүйнөм, ар бирине көңүл салып.
Келатам тайгак жолдо мүдүрүлбөй,
Турмуштун ысык-суугун артып алып.

## ЖАШОО

Көңүлүндү кээ күндөрү таба албай,
Жашап жүрөм сиздей жанга жага албай.
Жашоо турмуш жомок сымал азгырык,
Өмүр жолун жүрсөм керек биле албай.

Канчалаган жылдар артта калса да,
Сүйүү, сезим, алоолонуп жанса да.
Ойлономун кыялдарым башкача,
Жашап келет жан дүйнөмдө сарсанаа.

Күн кеч кирип, кайра шыдыр таң атат,
Өмүр өтүп, жаш улгайып баратат.
Толкуп айтсам мен негедир чындыкты,
Армандуу күн жүрөгүмдү канатат.





## СҮЙҮҮЛӨРҮМ ГҮЛДӨРҮНДӨЙ ТАЛААНЫН

Үй-бүлөм бар... уул-кызга атамын,
Мен аларды ойлоп жашап жатамын.
Ырларыма кошуп жазсам сүйүүмү,
Сен туура эмес ойлошуңа капамын.

Сүйүү отун жүрөктөрдөн жагышат,
Сүйүшкөндөр өз бактысын табышат.
Ырларыма тизип койсом сүйүүмдү,
Жаман ойдо мага күнөө жабышат.

Сүйө албаган жандар абдан толтура,
Ар нерсени чамам жетпейт айтууга.
Ырлар менин жашоомдогу жан дүйнөм,
Таза сүйгөн адам уулу бай тура.

Жашы өтсө да сүйүү ырын жазат дейт,
Жанын үрөп сүйүү десе азат дейт.
Айткандарга маани бербей жашаймын,
Өмүр жолдо талант өзү башат дейт.

Жалыны күч артта калган жылдардан,
Жаш кездеги сүйүүм жашайт ырларда.
Абийириме кара көөнү сүрткөндөр,
Көрө албастык, ичи тарлык кылба анда.

Мен бактылуу балдарыма атамын,
Ниет түздөп ыйман менен жашадым.
Ырлар менен жашоом көркке бөлөнүп,
Гүл оронгон белестерди ашамын.
Күн өткөргөн жашоом менин сүттөн ак,
Сүйүүлөрүм гүлдөрүндөй талаанын.

## ТОРГОЮМ

Жан дүйнөңдү иргеп бүгүн козгоюн,
Мээрим чачкан сезим сүйүүң толгоюн.
Тандап сүйгөн бал шириним жалгыз сен,
Чындык сөзүм жалганчы мен болбоюн.

Жакшы күндүн күнүн сага болжоюн,
Башка жанга сүйдүм күйдүм болбоюн.
Тандап жүрүп жалгыз сени тапкамын,
Жаралгансың жалгызым сен торгоюм.

Жашоо ширин жары менен бактылуу,
Сулуу жансың жүрөгүмдө катылуу.
Жүрчү жаным кошо басып мен менен.
Жалгызымсың жан дүйнөмдө жазылуу.

## ЖАЛЖАЛЫМ

Жалжалым, менин сүйгөнүм,
Өзүңдү сүйүп жүрөмүн.
Алсыздан сага жете албай,
Ашыктыктан жүдөдүм.

Болбодуң неге башка жан,
Жүрөсүң болуп булбул жан.
Күндөрүм үзбөй келемин,
Эстесем сени балкып жан.

Жыттагым келет жытыңдан,
Кучактап дене боюңдан.
Сукталып аппак жүзүңдөн,
Суп-сулуу болгон жаныңдан.





Атыр бир мончок жытыңдан,
Жытыңдан татсам алкымдан.
Жарашаар кошо бир басып,
Ээрчип бир жүрсөң артымдан.

Кайгылуу күнгө салбагын.
Азгырып кишен салганың.
Жүргөнүң бөлөк өзгөчө,
Ичте бир сыздап арманым.

Өрттөнөт кээде жүрөгүм,
Байкабай сенин жүргөнүң.
Жолукчу күндөр элестеп,
Жүрөмүн үзбөй күдөөрүм.

Кетти го кайран жаш курак,
Кайда элең анда жаш убак.
Кээ күнү эстеп жалжалым,
Эрксизден көздөн жаш кулайт.

Перисиң көлдүн сулуусу.
Алмашкыс жандын улуусу.
Капыстан мага жолуктуң,
Armансыз сөздүн туурусу.

Уктасам кирпик ирмебейт,
Сүйүүнү жүрөк сезген дейт.
Курусун жашоо турмушум,
Сүйгөнүм сенсиң эскирбейт.

Жер үстүндө эл кенен,
Жетпеген сага мен белем.
Айланчыктап күндө ойлоп,
Сүйүүм бир болгон жан белең.

Шурусу болсоң мончоктун,
Шакеги болуп колумдун.
Колтукташып бир басып,
Капканы болбой торумдун.

Жүрөсүң өрттөп жүрөктү,
Жолукпай канча күн өттү.
Ырдатпа сулуу сыздатпа.
Эстесем кыйла түн өттү.

Айлар өтүп жыл келет,
Жылдар өтсө не делет.
Кош билек бассак болбойбу,
Кайран бир убак жаш кетет.

Күтөмүн сени жадабай,
Кетсе да өмүр карабай.
Тагыраак эске салып кой,
Ашыктык селким билгин ай.

Мөлтүрөйт тунук көздөрүң,
Ашыктык айткан сөздөрүң.
Эл ичинде бир сулуу,
Periси болуп жүргөнүң.

Билгизбей баарын билгениң,
Болгонун жакшы сезгениң.
Ай-ааламда башка жок,
Жаралып туулуп келгениң.

Кечинде учкан жарганат,
Күндүзү жатат жан багат.
Сүйүүнүн келип кезеги,
Жазганым сага арналат.





Билинбей көздөн жаш тамат,
Күн кечкирип таң атат.
Эстегенден кээ күнү,
Айласыз арман аманат.

Ашыгым болуп жаралдың,
Ачык бир болуп кабагың.
Сүйүүнүн болуп арманы,
Жетпедим сага жалжалым.

Тоо боорунда мөл булак,
Жашап бир жүрөм күн улап.
Тагдырдын берген жазмышы,
Жазганым калды ыр курап.

Түшүнсөң эгер билесиң,
Сүйүүм бир сага аманат.

## КЕЛ СУРАНАМ

Сагындырып жүрөөрүңдү билесиңби,
Чын дилимден сүйөөрүмдү сезесиңби.
Көп сулуунун арасынан жалгыз өзүң,
Сен тартынбай бир мен үчүн келесиңби.

Ыза болом тагдыр, турмуш өкүнөмүн,
Кел суранам сүйөөрүм чын өтүнөмүн.
Жетет өмүр жашоомдун кайгы-муңу,
Эстеп сени эртели кеч сөгүлөмүн.

Гүлдүн коозу, жыттуусунан тартуулап,
Жан дүйнөмдү койгум келет таңуулап.
Кол жетпеген, мен эңсеген сулуу жан,
Сүйүүбүздөн чыксын жалын арууллап.

Гүлүм болчу эртели кеч жыттаган,
Алгыр куштай бүркүт сымал кайтпаган.
Жашоом көрксүз өмүр күнүм аманат.
Эркем болсоң мен дүйнөмдү сарптаган.

## ГҮЛ ӨРҮК

Сүйүүлөр болсун гүл өрүк,
Жанаша басып жүрөлүк.
Бактылуу болуп ар бир жан,
Жашайлы бирге түбөлүк.

Жашоонун бүгүн гүлү бол,
Жаштыктын обон ыры бол.
Жакшылык күндө жандасын,
Жан эркем жашоо сыры бол.

Аруулук күнүн таба албай,
Арманым ошол бара албай.
Аруузат салдың арманга,
Аттиң ай, мурун жаралбай.

## АЛМАГҮЛ

Алманын искеп гүлдөрүн,
Сүйүүнүн чачып түрлөрүн.
Алыстан таштап кадамды,
Айбыгып аттиң жүргөнүм.

Алмалуу бакта сейилдеп,
Аруу жан сенин демиңден.
Ай чырайлуу сулуу кыз,





Арнайын сүйүү дедим мен.
Кезинде келип айтпадым,
Кездешчү бир күн келет деп.
Ыр менен гана билдирем,
Айтпоого менде себеп көп.

Багыма келип конбодуң,
Түшүнөм мендик болбодуң.
Өмүрлөр өтөт билинбей,
Издеп бир сени жолдомун.

## СЕЗИМ

Сезимдер сересине,
Эгерде жете албасаң,
Сүйүүнүн тунук күүсүн,
Сулуу кыз черте албасаң.

Карегим кадалаарын,
Сезбедиң сабалаарын.
От болуп алоолонгон,
Жүрөктө санааларым.

Жаман сөз айта албаймын,
Сиздейге жага албаймын.
Сүйүүмдү жолго таштап,
Алыстап кете албаймын.

Жашоонун гүлү сүйүү,
Жамынган коюу түндү.
Билесиң баары сендик,
Үзүлбөс үмүтүмдү.

Сезимдер сересинде,
Жашагын түбөлүккө.
Кааларым узун өмүр,
Өтөйүн кубөлүккө.


Түшүндүң жазганыма,
Ак сүйүү артканыма.
Тушалып мен да жүрөм,
Сүйүүнүн саптарында.

## ЖЫЛДЫЗЫ БЕЛЕҢ ЖАШООНУН

Жаштыктын гүл өмүрүн терип берчи,
Жан эркем, зээн кейитпей жакын келчи.
Жумушум илең-салаң сенсиз бүгүн,
Жаныңыздан болду эми кетпейм дечи.

Жашоонун гүл өмүрүн сүрөлүчү,
Жанашып бирге басып жүрөлүчү.
Жакшы күндө жан эркем, бирге болуп,
Жайнап күлүп эл ичинде жүрөлүчү.

Жылдыздардын арасынан тандаганым,
Жалгыз сенсиң, эгер билсең жандаганым.
Жүрөгүмдү ойго салып жаралаба,
Жан сүйүүмдү сага болсун арнаганым.







## АЙ ЖҮЗҮҢ

Гүл аралап сырдуу сенин басканың,
Сулуулугуң көркөмүндөй асканын.
Канчалаган сулуу айым көрсөм да,
Арасынан сендей жанды таппадым.

Айдай жүзүң ак маралдай келишкен,
Ойго салып сулуу пери дегизген.
Тартынуудан айта албадым сүйөм деп,
Сүрдүү жансың ашып өтүп деңизден.

Айлам кетти мен өзүмчө ырдадым,
Унутууга беделим аз кыйбадым.
Туура келбес бул нерсенин мезгили,
Бул жашоодо келбейт сени кыйнагым.

Өткөн убак жаш кезиңди айтпадым,
Жаш өткөндө сендей жанга жакпадым.
Айланчыктап башкаларга бергим жок,
Окуп калсаң түшүн мени какпагын.

## АСЫЛЫМ

Көккө карап мен ойлонуп асылым,
Кайкып учат токтой албай кыялым.
Билбейм неге башкалардан өзгөчө,
Билсең эгер баалап күндө туямын.

Жашоо кызык жары менен бактылуу,
Жүрөк назик сүйүү турса катылып.
Эгер сезсең менин болгон сырымды
Эстен кеткис түркүн ырлар жазылып.

Жазып койдум кабыл алгын сүйүүмдү,
Көз алдымда сенин мөлтүр көздөрүң.
Ооба десең айтканыма асылым,
Жетине албай канат байлап көктөмүн.

## СҮЙҮП КАЛДЫМ

Сүйүп калдым, сени неге сүйүп калдым,
Жүрөгүмө сүйүүңдү сайып салдың.
Бир жолугуп жаңы чыккан айга окшоп,
Мени таштап башка жакка кетип калдың.

Сенин болгон кыска сүйүүң ушул беле,
Ойлобопмун мындайды башта неге.
Түшүнбөпмүн сүйүүнүн азаптыгын,
Тирүүмүн жашап жүрөм азыр деле.

Мейли жаша башка жакта бактылуу,
Кайталанбайт менде башка жактыруу.
Адашканым азаппы же башкабы,
Болбосо дейм менде башка азгыруу.

## КҮТҮЛБӨГӨН СҮЙҮҮ

Капилеттен кабылдым мен сүйүүгө,
Сүйүү үчүн жалын болуп күйүүгө.
Тагдырымдын татаалдыгын билбейсиң,
Жүрөгүмө жалын чачтың күнүгө.

Чыдамымды кетирбечи күнүгө,
Алып бардың ашыкчылык сүйүүгө.
Жан берүүгө сен үчүн мен даярмын,
Батпай калдым керек болсо үйүмө.





Далалатты таппай келем башкага,
Табит тартпай тамак менен ашка да.
Сүйүү ширин, сүйүү таттуу мынчалык,
Күтө берем чыдап анан ачка да.

## КАРЫНДАШ

Жакшы күндү көрөр убак, мезгилиң,
Оору-дарттан алыс болгун карындашым.
Жакшылыкта өмүр сүрүп, гүлдөй жайнап,
Бул дүйнөдө аман болсун алтын башың.

Жаралган жан катарында айымдардын,
Бул өмүрдө орундалсын кыялдарың.
Жашоо күнүң уланып кенен жолго,
Сыймыктанып суктанышсын туугандарың.

Келген жаштык өтөр күндү туя бил,
Жакшы жолдо жарык жанып өмүр сүр.
Жаралганбыз сен да, мен да жашоого,
Кезегинде сен жашоону сүйө бил.

## СУКТАНАМЫН

Суктанамын келген мезгил жазына,
Калем саптан турса ырлар жазыла.
Эки сапты төрт сап кылып курайын,
Окурманым, алтын сөздөр чачыла.

Суктанамын тоо койнунда айылым,
Ата-журтум баасы бийик байлыгым.
Ордо очогун үй-бүлөдө кең кылып,
Тартпа азабын ызалуу муң, кайгынын.

Суктанамын көктөм жаздын жытына,
Ата-бабам, белек кылган кутуна.
Шүгүр кылып, таазим эте беремин,
Топук кылып жашап келем ушуга.

## КАЙТА АЛБАЙМ

Издебегин кеттим келбес талаага,
Чыдабадым бирөө жапкан жалаага.
Көңүл назик жашоо кыска болоорун,
Эми билдим кечирип кой садага.

Аргасыздан ушул жолду тандадым,
Кереги жок эгер уксаң бул жагын.
Эстен чыккыс жүрөгүмө чок салды,
Сен да мендей жаман ойдо калбагын.

Узак жолго көңүлүм жок аттандым,
Сураба сен көпчүлүккө жакпадым.
Түшүнбөсө эмне кылам айлам жок,
Бар сырымды жан дүйнөмө сактадым.





## СҮЙҮҮ ӨЛБӨЙТ

Дүйнө калкы сүйүү менен жаралаар,
Ошол сүйүү жан дүйнөңдү аралаар.
Аруу сезим жараласа жүрөктү,
Сүйүү жолуң алга жылар кадамдар.

Бул жашоого сен жаралдың биле бил,
Алгыр куштай сүйүү жолун биле жүр.
Турмушуңа жашоо нугун сен коюп,
Жакшы жаман айырмалап жүрө бил.

Сүйүү өлбөйт түрүн айтсам толтура,
Сүйүшкөндөр кең ааламда мол тура.
Берекелүү жашоо жолу уланат,
Жан сүйүүсүз жашаш жанга жок тура.

## КАЙТАРЫЛГЫС МҮНӨТТӨР

Ал кезекте жаш кыз элең секелек,
Жалын жаштык күндөр эстен кете элек.
Артта калды ошондогу сезимдер,
Жүрөгүмдөн ошол сезим өчө элек.

Жакшы күндөр артта калды ай өтүп,
Андан бери мезгил жылып жыл өтүп.
Насип болор жакшы күндөр бир кезде,
Сендей жанды жан дүйнөмө түнөтүп.

Сүйлөп койчу көңүлүмдү көтөрүп,
Күтүп келем артка кайтпай көшөрүп.
Жолугалы жомоктогу каармандай,
Жоодураган түркүн гүлдөр төшөлүп.

## СҮРӨТҮҢ

Саамайыңды көрүп алып сүрөттөн,
Эстей албай кайсыл күнү мен өпкөм.
Чырайыңдын сулуулугу ошондой,
Сакталганбы орун алып жүрөктөн.

Сагынганда кетсең боло жолугуп,
Баш оорудан кайтып калгам соолугуп.
Кайдасың сен, издеп такыр таппадым,
Көрбөсөм да каалап сезим оолугуп.

Сулуулардын сулуусу сен бир элең,
Аалам көркү атыр жыттуу гүл элең.
Нурдан бүткөн жылуулугу башкача,
Жарык чачкан көктө жанган күн элең.
Дене боюң, мүчөлөрүң келишкен,
Карагат көз, кирпиктериң ирмелип.
Деги койчу кайсы бирин айтайын,
Жүрөгүмдү сүйүндүрчү бир келип.

Таштап кеттиң сүрөтүңдү сакта деп,
Коштошоордо айта албадың башка кеп.
Жашап келем ушул күнгө ардактап,
Сүйгөн элем мен он сегиз жашта деп.





## АЙЛУУ ТҮН

Махабаттын саптарын дастан кылып,
Уйкусуздук түндөрүм артып барат.
Аралашып оюмда кыялдарым,
Тыз-тыз этет жүрөгүм кээде канап.

Кайтпаган деңиз сымал толкундары,
Күтүүсүз күтүлбөгөн ойлор келип.
Буулуккан чагылгандын жаркылдагы,
Ыр жазууга сен үчүн түрткү берип.

Кыялдарым күндөн күнгө артып барат,
Алгандай ким бирөөдөн алым сабак.
Жоргологон ак боз аттын жүрүшүндөй,
Жаштыгымдын айлуу түнүн турам самап.

## ЖҮРӨГҮМДӨ

Жалындап махабат деп жүргөнүмдө,
Жарк этип жалын чачып күлгөнүңдө.
Жыргалым сени менен жашоом бүтүн,
Жан дүйнөң жүрөгүмдүн түпкүрүндө.

Жан эркем күн нурундай жаралгандай,
Шылтоо айтып жолугууга амал калбай.
Айбыгып сүрдөп келем сүйүү күчү,
Жан эркем, бир жолугуп жандай албай.

Аруузатым, башканы ойлонбоймун,
Жан сүйүүмдү сага арнап койгондоймун.
Жаңырып үн мукамдуу обон салып,
Көктөмдөгү сайраган торгойдоймун.

## СҮЙҮҮ ЖАШОО

Сүйүү ырын жазабыз чындык бардай,
Учса куштай сүйүүнү кармай албай.
Мелтиреген көк жайык бир өзүнчө,
Ысык-Көлдүн жүгөндөлбөс толкунундай.

Жан дүйнөбүз тоо гүлү жыпар чачкан,
Булуту жок көгөргөн ачык асман.
Жадыраган жаздагы күнгө окшош,
Жакшылыкты мандайга арнап жазган.

Сүйүү сабын жазабыз жакшы ой менен,
Жан дүйнөбүз тартпасын арман, запкы.
Белек кылсын бул өмүр сүйүү менен,
Аруу таза махабат, таалай-бакты.

## ОКШОБОЙТ

Бир сулууну сүйүп калдым негедир,
Мүмкүн мага сүйүү кайра келгендир.
Көрбөптүрмүн мындай сулуу аялды,
Сүйүү бекен же сынообу дегендир.

Тообо дедим көргөн көзгө ишенбей,
Аппак жүзү кадимки эле кебездей.
Болсо керек бул дүйнөдө бактылуу,
Жашайт бекен жары менен ал мендей.

Мен өзүмчө сени неге аядым,
Уялыңкы сен да мени карадың.
Башкаларга алмаштырбайм эч качан,
Сенден сулуу ардактаган аялым.





## БИР КЫЗ БОЛЧУ

Бир кыз болчу жаш кезимде жактырган,
Сүйүү мени ал тарапка азгырган.
Караган жан ашык болуп көзүнө,
Эс тандырып сезимдерди мас кылган.

Бой жеткенде сулуулугу жарашып,
Боз балдардын жүрөктөрүн канатып.
Батар элем бүтпөс түбү кыялга,
Үй жагынан кээде өтүп баратып.

Көрүп калсам көчөдөн мен ал кызды,
Калар элем акыл эстен адашып.
Жактырганмын сезим менен балалык,
Жүрөгүмдөн келем ырлар жаратып.

## СИЗ ДЕП

Аруузатым, жалгыз сизди тандадым,
Жүрөктөгү сезимимди арнадым.
Сүйүү менен сиздей жанга жетпесем,
Тагдыр ошол... кайгы- муңда калганым.

Издебедим башкаларга барбадым,
Туура келбес ара жолдо калганым.
Эрксиздиктен мен чыгарып бугумду,
Көрөм дедим тагдыр башка салганын.

Бир сиз үчүн мен байландым жалжалым,
Теңештирбейм башкаларга ардагым.
Кең пейилдүү сулуу жүздүү татына,
Эстен кетпес мен санаада калганым.

## ТҮШҮНЧҮ

Сүйөм дедиң, менин жазган ырымды,
Айтпасам да сага болгон сырымды,
Калтырбастан баарын окуйм дегенде,
Бир ирмемде көргөнсүймүн кылымды.

Жан дүйнөмдүн тазалыгын мактадың,
Жазгандарым жан дилиңден жактадың.
Канчалаган ишеничтүү дос күтсөм,
Арасынан сендей жанды таппадым.

Айта албадым сени жакшы көрөм деп,
Керек болсо таштабаймын сүйөм деп.
Каала ишен, каала ишенбе өзүң бил,
Сени ойлонуп, жашоо өмүр сүрөм деп.

## ТАҢ СҮРГӨНДӨ

Уйку келбей таң эрте издеп бардым,
Ортосунда жол эле бийик жардын.
Бир көрүп алсам болду кайтам дегем,
Болбоду бекинсем да, көрүп калдың.

Ак баракка кат жөнөтүп жаза албадым,
Чочугандай тиктеп бир аз туруп калдың.
Бир көрүүгө элесинди зар болуп,
Келгенимди сүрдөгөндөн айта албадым,

Ай артынан жылдар жылат билинбеген,
Сезимдерим жалындап сизге деген.
Жакшы күндөр жетелеп ээликтирип,
Сыртым жалын, ичим чок, күйүп денем.





## КӨҢҮЛ

Жаркыган жаркын элесиң,
Жаркылдап таңда келесиң.
Көңүлдү көккө көтөрүп,
Күч-кубат түрткү бересиң.

Өзгөчө башка сулуусуң,
Өзгөртпөй айтсам туурасын.
Өзгөчөлүк көп күнүң,
Ашыктык отко куурасың.

Күткөнүмдү сен сезсең,
Жолукчу жерге сен келсең.
Сүйүүлөр таңшып багымда,
Күч-кубат, демин сен берсең.

## СҮЙҮҮҢ БОЛСУН

Сүйүүң болсун жүрөгүндө барктаган,
Мекениңе, ар-намысты сактаган.
Кызмат кылгын, көөдөнүңдү ак тутуп,
Калкан болуп, бүткөн өңдүү аскадан.

Бийик коюп ага-тууган элиңди,
Кас адамга тепселетпей жериңди.
Бабалардан калган мурас урпакка,
Сактап жаша улуу кыргыз тегиңди.

Булгабасын ак кар, көк муз аска-зоом,
Ак калпакка окшоп турган Ала-Тоом.
Сүйүүң болсун жан дүйнөдөн кетпеген,
Кымбат мекен, баардык байлык жетпеген.

## Мазмуну


Баш сөз........................................................ 3
Жалпак-Ташым *(гимн)*.................................. 5
Ажал улук..................................................... 6
Мен киммин?................................................ 7
Жазгым келет............................................... 7
Шүгүр кылам................................................ 8
Тагдыр желеси............................................. 9
Каада салт.................................................... 9
Кыргызымдын тоолору.................................. 10
Окуй бердим................................................ 10
Кенже кызыма.............................................. 11
Бала элем.................................................... 11
Ажал............................................................ 12
Акындар....................................................... 12
Артып алып.................................................. 13
Аялзат.......................................................... 14
Ыр жазалы................................................... 14
Бүлүк салбайм.............................................. 15
Табылгыс өмүр............................................. 16
Өткөн жаш.................................................... 16
Мерездик..................................................... 17
Дарыя.......................................................... 17
Айылым........................................................ 18
Жашаймын.................................................... 18
Күндөр калар чийилип.................................. 19
Биле жүр...................................................... 19
Кылым.......................................................... 20
Адамдарбыз................................................. 20
Мен кыргызмын............................................. 21
Туулган айылым............................................ 21
Аманат......................................................... 22
Ак калпак..................................................... 22







Сармерден.................................................... 24
Шүгүр дегин.................................................. 24
Жан дүйнө жаңырыгы..................................... 25
Өмүр өксүк.................................................... 25
Биз каякка баратабыз?.................................. 26
Ат үстүндө эр жигит...................................... 27
Ой-максат..................................................... 28
Өмүр кемеси................................................. 28
Кечиримдүү боло албай................................. 29
Жан дүйнөм.................................................. 30
Келди жаз..................................................... 30
Заман талабы............................................... 31
Чет өлкөдө................................................... 32
Жай айы....................................................... 32
Эне тили...................................................... 33
Бири кем дүйнө............................................. 33
Жашоо......................................................... 34
Өмүр жашоо................................................. 34
Убакыт......................................................... 35
Бакыт деген................................................. 35
Чоң бакыт.................................................... 36
Доско........................................................... 36
Жашоо күнүң аманат..................................... 38
Жаз майрамы................................................ 38
Пендебиз..................................................... 39
Өткөн жаштык............................................... 40
Элүү жаш...................................................... 40
Жалгыз калуу................................................ 41
Таалим-тарбия.............................................. 41
Дүрбөлөңгө алдырба...................................... 42
Ыр саптарым жаралса................................... 42
Дарттан алыс бололу..................................... 43
Атак-даңк...................................................... 43
Чеберчилик................................................... 44

Ачуу сөз........ 44
Күлкү........ 45
Укук жашооң........ 45
Дүрбөлөң........ 46
Сары-Таш........ 46
Кадыр түн........ 47
Тирүүлүк........ 48
Нооруз........ 48
Төрт мезгил........ 49
Курдаштарыма........ 49
Талаш-тартыш........ 50
Тоголок........ 50
Күн өтөт........ 51
Кошуна........ 52
Гүл........ 53
Мен сагындым........ 53
Эртеңки жашоо........ 54
Эртеңки күн........ 54
Тагдыр........ 55
Неберем........ 55
Бир өлүм........ 56
Жалпак-Таш........ 56
Бир кылым........ 57
Аппак кар........ 57
Жаштык кез........ 58
Аттиң арман........ 58
Бала бакыт........ 59
Жакшы тилек........ 59
Жол........ 60
Оору........ 60
Жумушум........ 61
Арзуу дастан........ 62
Адам жаны........ 62
Азап........ 63





Тобокел........ 64
Бир тууган........ 64
Көңүл суз........ 65
Жаңы жыл........ 65
Кел-кел........ 66
Эне........ 66
Түшүнчү........ 67
Кышкы сезим........ 67
Кут........ 68
Насип........ 69
Капа болбойм........ 69
Өнөрлүү өлбөйт........ 70
Багыт........ 70
Өзгөрбө........ 71
Пендебиз........ 71
Орозо........ 72
Ынтымак........ 72
Досума........ 73
Аккан суудай тунук бол........ 74
Ошол кезде........ 75
Жакшы күндөр........ 75
Жашоонун өзөктөрү........ 76
Эмнеге?........ 76
Асман бийик........ 77
Чет жакта........ 77
Кыргыз гени........ 78
Жол бастык........ 78
Сен эмес өмүр өкүнткөн........ 79
Тагдыр экен........ 79
Канатың жок уча алгыс........ 80
Наркту эл........ 80
Байлык........ 81
Жакшы сөз........ 81
Жаз жарышы........ 82

Калемгер.......................................................... 82
Эмгек.............................................................. 83
Кыргыз калкым............................................ 83
Сезимдер.......................................................... 84
Бешик.............................................................. 84
Бөбөктөр.......................................................... 85
Неберем........................................................... 85
Оюм кетти........................................................ 86
Көпөлөктөр...................................................... 87
Эргүү................................................................ 87
Жашоо.............................................................88
Замандаш......................................................... 88
Жумуш............................................................. 89
Адамдар........................................................... 89
Өрүк гүлү......................................................... 90
Мындан артык не керек?............................ 91
Ой толгоолор.................................................. 91
Эшек эти.......................................................... 92
Алыкул............................................................. 92
Күүлөр жашайт............................................... 93
Дарыя үнү........................................................ 93
Улууга урмат.................................................. 94
Тоолор............................................................. 94
Тилек-үмүт...................................................... 95
Мигрант...........................................................95
Чет жакта.........................................................96
Өнөрлүү өлбөйт............................................... 96
Жаштык............................................................ 97
Сен түшүн........................................................ 97
Бир тууган........................................................ 98
Туугандар......................................................... 98
Акыркы коңгуроо........................................... 99
Адабият күнү.................................................. 99
Көр пенде....................................................... 100





Жибек жолу.................................................... 101
Ыйык кааба.................................................... 101
Мурас..............................................................102
Ай-аалам........................................................ 102
Нооруз майрамы........................................... 103
Аялдар............................................................ 103
Геолог............................................................. 104
Бак-дарак....................................................... 104
Классташтар................................................. 105
Жалгыз калуу................................................ 105
Таалим-тарбия............................................... 106
Күн өтөт.......................................................... 106
Тагдыр............................................................ 107
Бир кылым..................................................... 107
Аппак кар....................................................... 108
Жаштык кез................................................... 108
Адам жаны..................................................... 109
Бычакка сап................................................... 109
Жашоо күн..................................................... 110
Нан.................................................................. 110
Көрүнүш......................................................... 111
Кыш мезгили узаса....................................... 112
Телефон......................................................... 112
Кемчилик........................................................ 113
Ынтымак........................................................ 113
Жашоо............................................................ 114
Мал жандык................................................... 114
Чындык........................................................... 115
Тамак даамы.................................................. 115
Ач эле............................................................. 116
Бала деп......................................................... 116
Аппак кар....................................................... 117
Сый-урмат...................................................... 117
Кубаныч......................................................... 118

Таарыныч, кубаныч.................................. 118
Чоң булак.................................................. 119
Убакыт..................................................... 119
Мугалим.................................................... 120
Сенин демиң............................................ 121
Жашайм деп............................................. 121
Буйрук...................................................... 122
Тагдыр...................................................... 123
Асман....................................................... 123
Жаз жамгыры............................................ 124
Замандаш.................................................. 124
Убакыт...................................................... 125
Эргүү........................................................ 125
Маркум апама........................................... 126
Маркум агама............................................ 127
Жалпак-Ташым.......................................... 128
Жайлоодо.................................................. 129
Заман........................................................ 130
Жашоо өмүр............................................. 133
Арак-шарап............................................... 134
Жашоо...................................................... 135
Сүйлөгүлө................................................. 138
Бөбөктөр.................................................. 139
Өмүр кыска............................................... 139
Ар кыл ой................................................. 140
Чабаты..................................................... 140
Классташтарыма........................................ 141
Пендебиз.................................................. 143
Жашаймын................................................ 143
Артып алып............................................... 144
Жашоо...................................................... 144
Сүйүүлөрүм гүлдөрүндөй талаанын...... 145
Торгоюм.................................................... 146
Жалжалым................................................ 146





Кел суранам............................................. 149
Гүл өрүк.................................................... 150
Алмагүл.................................................... 150
Сезим....................................................... 151
Жылдызы белең жашоонун.................... 152
Ай жүзүң.................................................. 153
Асылым.................................................... 153
Сүйүп калдым........................................... 154
Күтүлбөгөн сүйүү..................................... 154
Карындаш................................................. 155
Суктанамын.............................................. 155
Кайта албайм............................................ 156
Сүйүү өлбөйт............................................ 157
Кайтарылгыс мүнөттөр........................... 157
Сүрөтүң.................................................... 158
Айлуу түн................................................. 159
Жүрөгүмдө............................................... 159
Сүйүү жашоо............................................ 160
Окшобойт................................................. 160
Бир кыз болчу.......................................... 161
Сиз деп..................................................... 161
Түшүнчү.................................................... 162
Таң сүргөндө............................................ 162
Көңүл........................................................ 163
Сүйүүң болсун.......................................... 163

Жашоомдун
жарым кылымы

**АРЗИБЕК ТОКОЕВ**

**Редактору**

Мураталы Турдубаев

**Корректорлору**

Айбек Нур
Байысбек Жанышов

**Компьютердик калыпка салган**

WWW.AIBEKNUR.KG

Басууга 10.12.2020 берилди.
Форматы 60x84 1/16,
Офсеттик кагаз. Көлөмү 12,5

Нускасы 500. Буйрутма №55

**"Атлас Бишкек"** басмасында басылды